
КЫРГЫЗ ССРинин ЭЛ ЧАРБАСЫНЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНИН КӨРГӨЗМӨСҮ



ВЫСТАВКА ДОСТИЖЕНИЙ НАРОДНОГО ХОЗЯЙСТВА КИРГИЗСКОЙ ССР

„КЫРГЫЗСТАН“ БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ—1979

КЫРГЫЗ ССРинин ЭЛ ЧАРБАСЫНЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНИН КӨРГӨЗМӨСҮ

ВЫСТАВКА ДОСТИЖЕНИЙ НАРОДНОГО ХОЗЯЙСТВА КИРГИЗСКОЙ ССР

33С5(С 54)
К 97

Текстин авторлору *В. Бобылев*
жана *Т. Сагымбаев*

4—1—4 © «Кыргызстан» басмасы, 1979-ж.

1977-жыл — Улуу Октябрь социалисттик революциясынын алтымыш жылдыгын майрамдоонун жылы болду. Бул жылы совет элинин, Коммунисттик партиянын, экономикалык, илимий-техникалык, маданий жана жалпы эле мамлекеттик курулуштагы жеңиштеринин өзүнчө бир жыйынтыгын айгинелеген жаңы Конституция кабыл алынды. СССРдин Конституциясы — бул Улуу Октябрдын идеяларынын триумфу. Ал коммунизмди көздөй алга бара жаткан элибиздин жер шарында биринчилерден болуп өнүккөн социалисттик коомду түзгөндүгүн тарыхый жактан далилдеп турат.

«Октябрдын унутулгус күндөрү бүт планетаны дүңгүрөттү. Тарыхый жаңы доор башталды — дүйнөнүн революциялык жаңырыш доору, социализмге, коммунизмге өтүүнүн доору. Аны менен бүгүн жүз миңдеген элдер жана бардык адамзат бара турган жол ачылды,— деп айткан Л. И. Брежнев өзүнүн Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө жасаган докладында.

Биздин өлкө алты он жылдыкта, жүз жылдыкка барабар келген жолду басып өттү. Ал жылдар жеңил болгон жок, бирок бул социалисттик курулуштун жылдарында, адам баласынын жашоосу, өнүп-өнүгүүсү тарыхта болуп көрбөгөндөй өзгөрдү.

«Басып өткөн жолго кылчайып кароо менен азыркы кезде жогорку деңгээлде өнүккөн экономикасы жана маданияты бар край болуп калган Советтик Кыргызстан кандайча таанылгыс болуп өзгөргөндүгүн сыймыктануу менен белгилейбиз,— деп айткан Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары жолдош Т. У. Усубалиев өзүнүн Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгына арналган салтанаттуу заседаниесинде жасаган докладында. Башка боордош республикалар сыяктуу эле Кыргызстандын экономикасы да азыркы кезде ар бир республиканын гүлдөшүнүн негизи болуп саналган бүткүл союздук бирдиктүү эл чарба комплексинин ажырагыс, составдык бөлүгү болуп эсептелет».

Республикада кийинки эле он жылдыкта жалпы улуттук доход эки эседен ашык өскөн жана үч миллиард сомдон артып кеткен. Эмгекчилердин реалдуу доходдору бир жарым, ал эми товарооборот эки эседен ашык көбөйгөн. Ошол убактын ичинде 1130 миң кыргызстандыктар жаңы квартираларга киришкен. Кыргызстандын эл чарбасынын ар кайсы тармактарында азыр 225 миң орто жана жогорку билимдүү адистер эмгектенишүүдө. Кыргызстандын маданияты да дүркүрөп өсүп гүлдөдү.

Бул жетишилген ийгиликтер — күжүрмөн эмгекчилердин иштеринин, бардык совет элдеринин бир туугандык жана достук жардамдарынын үзүрү, эмгекчи масса менен Коммунисттик партиянын тыгыз биримдүүлүгүнүн жыйынтыгы.

Кыргыз ССРинин эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсү — бул ийгиликтердин ачык-айкын ырасталышы болуп саналат.

1977-жылы сентябрда Лейпциг шаарында адаттагыдай

эле күзгү ярмарка болуп өттү. Мында дүйнө жүзүндөгү элүү өлкөнүн өкүлдөрү жыйналышкан. Анда көтөрүлгөн желектин алдында бардыгына тааныш «Буткүлдүйнөлүк техникалык прогресс жана соода үчүн» деген чакырык жазылган. Мындагы СССРдин көргөзмөсүнүн бир бөлүмүндө Кыргыз ССРинин өнөр жайы менен айыл чарбасынын продукциялары демонстрацияланган.

Күзгү Лейпциг ярмаркасына коюлган СССРдин көргөзмөсүндөгү буюмдар Совет элинин Улуу Октябрь революциясы жеңгенден кийинки алтымыш жылдын ичиндеги кеңири масштабда өсүшүн демонстрациялады. Анда Совет элинин КПССтин XXV съездинин тарыхый чечимдерин турмушка ашыруудагы улуу демилгелерин ачык-айкын көрсөттү. Ал жөнүндө Кыргыз ССРинин экспозициясы да күбө болуу менен катар эле жакшы баалоого татыктуу болду. Биздин павильондогу коюлган экспонаттарды көрүп чыккандан кийин Германия Демократиялык Республикасынын жетекчилери да жакшы каалоолорду калтырган.

Ал эл аралык авторитеттүү соода форумуна Кыргыз ССРи кандай продукцияларды алып барган?

Бул автоматикалык Универсалдуу сыноочу «Ала-Тоо» прибору. Советтер Союзунда биринчи жолу жасалган ал прибор материалдар менен конструкцияларды ар кандай шарттарда 100 градустан төмөнкү же 1500 градус жогорку температурадагы абасы өтө сейрек боштуктарда термомикроскопия жолу менен бекемдүүлүгүн контролдоону камсыз кылат.

Бир кезекте андай прибор боюнча Японияның «Унион» деп аталуучу фирмасы биринчиликти алуучу. Эми эл аралык көргөзмөнүн эки жолку алтын медалын алууга татыктуу болгон, Кыргызстандын ишканасынын маркасы коюлган бул приборго дүйнө жүзүндө тең келе турган бир да прибор жок.

Ярмаркада Кыргызстандын өнөр жайы менен айыл чарбасынын миңдеген экспонаттары демонстрацияланган. Өзгөчө Оштогу жибек комбинатынан жана Кыргыз камволдук-сукно комбинатынан даярдалган кездемелер, кондитердик жасалгалар, элдик прикладдык искусствосунун кооз жасалгалары, ар кандай чөптөн жасалган настойка, марочный виносу көргөзмөгө катышуучулардын көңүлүн бурду.

Азыркы кезде республикабыздын өнөр жай тармактары жүздөн ашат. Советтик Кыргызстандын өнөр жай жасалгаларынын сексенден ашык түрү дүйнөнүн элүүдөн ашык мамлекеттерине чыгарылат. 1923-жылы Москва шаарында биринчи жолу өткөрүлгөн Бүткүлсоюздук айыл чарба жана өнөр жай көргөзмөсүнө Кыргызстан ири мүйүздүү малдарды, жергиликтүү тукумдагы жылкыларды, кашмир тукумундагы эчкини, адаев тукумундагы каракүл коюн жиберген. Ал кездеги көргөзмөнүн официалдуу отчётторунда бир аз тактабагандык кетирилген. Анткени ал кезде Кыргызстанга жалаң гана кыргыздар кирбестен, Орто Азиянын бир катар республикалары жана Казакстан кирип, өз убагында кеңири край болуп аталуучу. Андан ары көргөзмөнүн эң чоң бөлүгү мал чарбасына чагылдырылганын окуйбуз. Көптөгөн коллективдүү чарбалар жана жеке дыйкандар бүткүл элдик көргөзмөгө катышып, ал жөнүндө жакшы каалоолорун калтырышкан. Мына ошого байланыштуу көргөзмөнүн мал чарба бөлүмүн толуктоодо келечекте малды өстүрүүгө ылайыктуу болгон негизги райондордон тандоого мүмкүнчүлүк болгон. Ага (түндүк Россиядан) холмогор жана ярослав тукумундагы уйлар, (борбордук Россиядан) кызыл приокский, (Чыгыш Россиядан) зырян, бестужев, тагил тукумундагы жана (Кыргызстандан) эт-сүт берүүчү уйлардын тукумунан алынып барып коюлган. Бардыгы — 600 уй, анын ичинен 46 проценти же жарымына жакыны жеке дыйкан чарбаларынан алынып коюлган.

Ал 1923-жылы ачылган көргөзмөдө республикадагы машина куруучу — Эмгек Кызыл Туу ордендүү Фрунзе атындагы заводдон чыгарылып жаткан белгилүү чөп жыйып таңгактоочу (прессподборщик) машиналар болгон эмес. Ошондой эле дагы көп буюмдар жок эле, анткени ал кезде республиканын өнөр жайы биринчи гана кадамын шилтеген.

Совет өкмөтүнүн жылдарында Кыргызстандын өнөр жай продукциясы үч жүз бир эсеге өсүп, ири беш жүз өнөр жай ишканалары курулган. Кийинки гана он жылдыкта эл чарбасынын негизги фондулары 2,7 эсеге өстү. Республикада жылдык электр энергиясын иштеп чыгаруу 4,8 миллиард киловатт-саатка жетет, онунчу беш жылдыктын аягында ал 9 миллиардка жетмекчи.

Айыл кыштактын эмгекчилери да чоң жетишкендиктерге жетишкен. Алардын карамагында миңдеген тракторлор жана комбайндар, көптөгөн айыл чарба техникалары бар. Сугат жер аянттары миллион гектарга жетти. Республикада пахта өндүрүү жети эсеге өсүп, дан, кант кызылчасы жана башка айыл чарба өсүмдүктөрү да бир кыйла өскөн. Кыргызстандын жайыттарында он миллиондон ашык кой-эчкилер багылат жана биздин республикабыз жүн өндүрүү боюнча өлкөдө биринчи орунду ээлейт.

Мына ошого байланыштуу Германиянын бирдиктүү социалисттик партиясынын Генеральный секретары, Германия Демократиялык Республикасынын мамлекеттик советинин председатели Эрих Хонеккер, Лейпцигдеги ярмаркадагы СССРдин павильонунда болуп «Биз эл аралык сооданын талабына жооп берген жана жогорку сапаттуулугу менен айырмаланган көптөгөн экспонаттарды көрдүк. Бул совет элинин илимий-техникалык жана өндүрүштүк, ошондой эле коомдук турмуштун бардык жактан чыгармачылык менен өсүп жетилип жаткандыгын ачыктан-ачык айгинелеп ту-

рат. Ага ошондой эле Кыргыз ССРинин көргөзмөсү мисал болот. Анын экспонаттары, Советтер Союзунун рамкасында кыргыз элинин чоң жогорулаш менен өсүүсүн жана ошондой эле келечекте коммунизмдин жолу менен өсүүсүн көрсөтүп турат» деп айткан.

Лейпцигдеги ярмаркага, Кыргызстандын эмгекчилеринин өндүрүп жаткан продукцияларынын аз гана бөлүгү алынып барылып көрсөтүлгөндүгү белгилүү. Фрунзе шаарындагы гана ишканалардан даярдалып чыгарылган продукциялардын бирден гана экземплярын жеткириш үчүн көптөгөн темир жол составдары талап кылынаар эле. Андай кылуунун да кажети жок, анткени республиканын борборуна катарлаш эле Кыргыз ССРинин эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсү жайгашкан, андагы коюлган экспонаттар кыргыз жергесинин эмнеге бай экендигин толук далилдеп турат.

1977-жылы көргөзмө өзүнүн отуз жылдык юбилейин белгиледи. Анын активдүү уюштуруучусу экспериментатор Антон Сергеевич Рябоконь болду. Көргөзмө жаңы уюштурулганда айыл чарба продукциясы коюлган жана анын аянты эки гектарга жеткен. 1950-жылы көргөзмөнүн аянты 7,5 гектарга кеңейтилген. Кийинки жылы анын экспонаттарынын аянты 19,5 гектарга жайгаштырылып, көргөзмө дайыма иштей тургандай болуп кайрадан уюштурулган. 1956-жылдан баштап Кыргыз ССРинин эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсү деп аталат.

Республика өсүүдө — анын визиттик карточкасы да өсүүдө: азыр көргөзмө 160 гектарды түзөт. Анын 57 гектарын павильондор ээлейт, 24 гектары жүзүм менен бактардын коллекцияларын көрсөтүп турат жана көрсөтмөгө алынып келинүүчү малдар үчүн айдалган тоют өсүмдүктөрүнүн аянттары ээлейт.

Көргөзмөгө кире бериште эле эки жагына карагайдын

жашыл балатылары тигилип, аралыгына гүл өстүрүүчү аянтчалар калтырылган аллеялар башталат. Ал аллеядан басып бара жатканда, балатылар өзүнүн кооздугу менен алды жактагы павильондордун көркүнө көрк кошуп турса, бутактары ар тарапка барбайып өсүп турган мажрум талдар эс алуучуларга жакшы жай түзүп тургандыгы, айрыкча эл көп болуп турган көлмөнүн жанында байкалат. Ал жерге барган кең пейил адамдар көлмөдө сүзүп жүргөн ак куу, каз, өрдөк жана башка канаттууларды тоюттандырып турушат. Канаттуу куштар үйүр алышып калгандыктанбы адаттагыдай эле качпастан балдардын колунан нанды алып жеп жатканын көрөсүң.

Көлмөнүн катарында эле чакан ашкана жайгашкан, андан улуттук тамактар менен тамактанып, таза кымыздан ичүүгө болот.

Ошентип Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсү дайыма иштөөдө. Андагы негизги жана ар кайсы тармактагы павильондордо күнөстүү Кыргызстандын күжүрмөн колхозчулары менен жумушчуларынын, интеллигенциянын талыкпас эмгектеринин жыйынтыгынан жаралган миңдеген экспонаттар коюлган.

Көргөзмөгө кире бериште **Башкы павильонго** жолугасың, жогору көтөрүлгөн учурмасынын кыры көгүлтүр Ысык-Көлдү элестетип турат да, анын толкуну ушул узундугу жетимиш метр келген үч бурчтук формасындагы бузулгус темир-бетон контуру кооз жана сымбаттуу. Павильондун архитектуралык жактан кооздолгон формасы кыргыз элинин улуттук көркөм чеберчиликтерин жана тоолуу крайды элестетип турат жана анын ичинде көрсөтмө залы, экспонаттарды сактоо бөлүмү, радио түйүнү жана тейлөөчү адамдардын кабинети бар.

Башка павильондун маңдайында Кыргыз ССРинин Герби



бекитилип, аның түндүк жак катарында башкалардан бийигирээк которулгон СССРдин Мамлекеттик жана союздук республикалардын желеги тагылган. Ал болсо бир тууган Советтер Союзунун элдеринин бузулгус достугунун символун көрсөтүп турат. Кыргызстан өлкөнүн бардык республикаларынын миңдеген экономикалык жана материалдык түйүндөрү менен байланыштырат. Бул болсо СССРдин бардык улуттары жана элдери менен тыгыз байланышта экенин далилдейт. Мисалы, Ош шаарындагы текстиль комбинатын курууда, анын долбоорун башка республикалардын адистери даярдашкан. Ага Москва, Иваново жана Пенза шаарларынан технологиялык жабдуулар алынып келинген. Комбинатты курууга Хабаровскийдин, Алма-Атанын жана Ленинграддын адистери катышкан. Россиянын ири текстиль өнөр жай борборлору болгон Ивановго, Орехово-Зуева жана Ярославль шаарларынын окуу жайлары Кыргызстандан жиберилген окуучуларга эшигин кеңири ачып турган.

Бардык совет элинин бирдиктүү күчүнүн негизинде республикадагы Токтогул гидротүйүнү, Фрунзедеги жылуулук электростанциясынын, кыргыздын камволдук-сукно комбинатынын жана машина жыйноочу заводдорунун курулуштары алга жылды. Алар Кыргызстандын гана эмес, өлкөнүн экономикасынын өсүшүндө чоң мааниси бар. Республикабыздын ишканаларынан даярдалып чыгарылган чөп жыйып таңгактоочу машина, автосамосвал, металл кесүүчү станок, зым продукциялары, насос, электродвигатель, радиатор, электролампа жана турмуштиричиликке колдонулуучу техникалар, ошондой эле калкка керектүү башка товарлар миңдеген адрестерге жөнөтүлүп турат.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары жолдош Т. У. Усубалиев Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын жана Кыргызстан-

дын Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгында жасаган докладында Улуу Октябрь кыргыз элин кылымдардан берки тушоодон, караңгычылыктан жана адилетсиз жакырчылыктан түбөлүккө куткарып, бакты-таалайды жана эркиндикти алып келди деп белгилеген.

Эзүүчү таптарга, чет мамлекеттик интервенттер жана ички душмандарга каршы биргелешип күрөшүүдө, Совет мамлекетин ар тараптан чыңдоодо жана жаңы турмушту курууда кыргыз элинин ыйык достугу бардык көп улуттуу социалисттик Родинабыз жана Россиянын жумушчу дыйкандары менен бирдикте өстү жана чыңдалды. Ал достуктун шыктандыруучусу Владимир Ильич Ленин болгон жана Кыргыз республикасынын тарыхы ага байланыштуу. Анын демилгеси менен Советтик Чыгышта РСФСРдин составына кирген биринчи Түркстан АССРи уюшулган. Ленин-дин идеяларынын негизинде 1924-жылы Орто Азияда өзөзүнчө улуттук-мамлекеттик бөлүнүүлөр ишке ашырылды. Ошол эле жылдын 14-октябрында Бүткүлсоюздук Борбордук аткаруу комитети РСФСРдин составына кирген кыргыз автономиялуу областын түзүп кыргыз элинин жалпы эркиндигин колуна алып берди. Андан эки жыл өткөндөн кийин Кыргыз Советтик Социалисттик Автомониялык республикасы түзүлүп, ал эми 1936-жылы Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын туулган жылы болуп калды.

Ал кыска тарыхый жолдо зор өнүгүп-өзгөрүштөр болду. Кыргызстан революцияга чейин кандай эле? Өнөр жайы болбогон, айыл чарбасы негизинен эскиче иштетилген, калк дээрлик сабатсыз болгон.

Башкы павильондун көргөзмөсүндө, пролетардык революциянын Улуу жетекчиси, Коммунисттик партияны түзүүчү Владимир Ильич Лениндин ишмердүүлүгү жөнүндөгү материалдар коюлган, аны менен бирге эле Түркстан жана анын ичиндеги кыргыз элдерин боштондукка чыга-

рууда болгон күрөштө баа жеткис салымдарын кошушкан Лениндин соратниктери Михаил Иванович Калинин, Валериан Владимирович Куйбышев, Георгий Константинович Орджоникидзе, Ян Эрнестович Рудзутак жана башкалардын портреттери коюлган. Алардын арасында партиянын жана мамлекеттин көрүнүктүү ишмери, Кызыл Армиянын даңктуу полководеци, биздин жердешибиз Михаил Васильевич Фрунзенин портрети көрүнүктүү орунду ээлеп турат. Мурунку Пишпек деп аталуучу биздин борборубуз анын ысымы менен аталат. Революцияга чейин шаарда бир да завод, орто мектеп, театр, китепкана, суу провод, электр болгон эмес, ал эми эң жакынкы темир жол линиясына чейинки аралык төрт жүз километр эле. Пишпекке эки велосипед келгенде шаардын башкаруучусу, анын ээсинен налог алууну кажети барбы же жокпу, чече албаган.

Азыр Фрунзе шаарында жүзгө жакын завод жана фабрикалар бар, анда 90 миң жумушчу иштөөдө, 7 жогорку окуу жайы, 12 техникум, көптөгөн мектептер жана профессионалдык-техникалык окуу жайлары бар. Бир гана Чернышевский атындагы китепкананын китеп фондусунан 40 миңден ашык окуучулар пайдаланышат. Кыргызстандын борборунда М. В. Фрунзенин мемориалдык музейи, мамлекеттик тарыхый, Мамлекеттик сүрөт искусство жана жаратылыш музейлери бар. Көрүүчүлөр Кыргызстан мамлекеттик Ленин ордендүү академиялык опера жана балет театрынын, Кыргызстан мамлекеттик Эмгек Кызыл Туу ордендүү академиялык жана Н. К. Крупская атындагы мамлекеттик орус драма театрларынын койгон оюндарын, Эмгек Кызыл Туу ордендүү Токтогул Сатылганов атындагы Мамлекеттик филармониянын концерттерин өзгөчө көңүл буруп көрүү менен тосуп алышууда.

Башкы павильондун экспозицияларында, Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга катышкандар жөнүндө жазылган

стендалар да коюлган. Бул күндөрдө Улуу Октябрь революциясынын активдүү катышуучулары, бизде Совет бийлигин орнотууда жана партия уюмдарын биринчи уюштурууда жөндөмдүүлүктөрүн көрсөткөн И. И. Едренкина, Т. Жукеев-Пудовкиндин ысымдарын барктоо менен атайбыз. Алардын ичинен А. И. Иваницын, Пишпек уездиндеги Чүй сугат системасында биринчи жолу большевиктер партиясын уюштурган, 1917-жылдын ноябрында кол өнөрчүлөрдөн жана отпускада жүргөн солдаттардан турган И. С. Меркундун группасына кошулушкан. Алар Совет бийлиги үчүн болгон күрөштө элдин кеңири массасын уюштурууда жана революциялык идеяларды таратууда чоң роль ойногон. А. И. Иваницын РКП(б) Пишпек шаардык комитетинин биринчи председатели болгон. Картасхемалар, фотодокументтер көргөзмөгө келген көрүүчүлөргө катарында 73 улуттун 100 миңден ашык коммунисттери болгон Кыргызстан Коммунисттик партиясынын ишмердүүлүктөрүн далилдеп турат. Алар 4000 ден ашык баштапкы партиялык уюмдарга бириктирилген.

Республикадагы эң чоң уюм — бул профессионалдык союз, анын катарында миллиондон ашык адам бар. Жаш муундарды келечекке карай тарбиялоодо, Кыргызстандын комсомолдору бир кыйла иш жүргүзүүдө. Жаштарды коммунисттик духта тарбиялоодо зор эмгек сиңиргендиктери жөнүндө алардын Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланышы күбө болот.

Башкы павильондун стендалары кыргызстандыктардын Улуу Ата Мекендик согушка катышкандыктары жөнүндө да мүнөздөп турат. Ата Мекенди коргоодо көрсөткөн эрдиктери жөнүндө республиканын 70 жоокерине Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген, 100 миңден ашык жоокер жана 979 миң тылдагы эмгекчилер ордендер жана медалдар менен сыйланган.

КИРГИЗСКОЙ ССР

«Германиянын заводдорунан чыккан темир чынжырлар менен кишенделип туткун болууну каалайсыңбы сен, эркин кыргыз?— деп кайрылган кыргыз эли өздөрүнүн жоокерлерине.

Жок, сен кулчулукка барбайсың, эркиндикте болосуң. Жолборстун тирүү башын коркутпа, фашисттик өлүмтүктөр, деп кармашууда каарман ырды ырдашкан. Согуштун биринчи эле күндөрүндө, кыргыздын жаштары чакырган жерге даяр болгон. Лениндин даңктуу желеги кыргыз элин шыктандыргандыгы бекеринен эмес да! Согуш майданына миңдеген кыргыздар келишти, алардын арасында жүздөгөн баатырлар бар эле. Баатыр Дүйшөнкул Шопоков жолборстой салгылашкан Калмурза Жусубалиев, немецтерди катары менен терип кырган — минометчик Абдрашит Баатырбеков, көзгө атар мерген аткыч Коёнкөзов жана Адыков, өзүнүн жаш денеси менен немецтик дзотту жаап жоокерлерди каардуу октон далдалаган Чолпонбай Түлебердиев жана башкалардын даңкы түбөлүккө сакталат».

Бүгүнкү күндө биздин мекенибиздин көз каранды эместиги жана эркиндиги үчүн күрөшүп курман болгондорго жана тирүүлөргө башыбызды ийип ар дайым ардактайбыз. Алар үчүн эң чоң белек — бул биздин эмгегибиз. Мына ошого байланыштуу эл чарбачылыгынын жетишкендиктеринин көргөзмөсү айылдык жана шаардык эмгекчилердин жараткандарын көрсөтүүдө: 400 өнөр жай ишканалары, колхоздор менен совхоздор, илим изилдөө институттары, 700 дөн ашык өндүрүштүн алдыңкылары менен новаторлору анын катышуучулары.

Бирок көргөзмө — жалаң гана өнөр жайы жана айыл чарбасынын экспозициялары эмес. Анда иштеген кызматчылар, тематикалык көргөзмөлөрдү, семинарларды, конкурстарды жана алдыңкы тажрыйбалардын школдорун уюштурушуп кеңири массага пропагандалоодо чоң иш жүр-

гүзүүдө. Аларды окуу иштерин өткөрүүдө миңдеген адистер катышууда. Көчмө көргөзмөлөрдүн базасында убактылуу семинарлар жана курстар уюштурулат, лекция окулуп, кинофильмдер көрсөтүлөт.

Башкы павильондун орто ченинде Кыргыз ССРинин картасы коюлган. Мында атайын диктордун тексти жазылып коюлган. Андан көргөзмөгө келгендердин каалоосу боюнча республиканын ар кайсы экономикалык райондору, ири өнөр жай мекемелери, колхоздор менен совхоздор, эл чарбасынын негизги тармактары менен таанышууга мүмкүнчүлүк болот. Ошондой эле сүрөттөр, көрсөтмөлөр жана жазылган тексттер ошол максатка толук жооп берет. Биздин республиканын экономикасы — тармактанган, динамикалык жактан өсүп жаткан комплекс. Ал белгилүү бир ченемдүүлүктө өнөр жай, айыл чарба, транспорт жана байланыш, капиталдык курулуш, коммуналдык чарба, турмуш-тиричилик жактан тейлөө, соода, маданият жана саламаттыкты сактоо тармактары менен тыгыз байланышта.

Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстанда ири 500 ишкана курулган. Ошентип азыр республика бир жарым күндө эле 1913-жылдагыдан арбын продукция өндүрөт. Кыргыз ССР сурьма металлдарын, сымапты, электролампаларын, сейрек учуроочу элементтерди өндүрүүдө өлкөдө алдыңкы орундарда турат.

Кыргызстанда жумушчу табынын ири отряды түзүлдү. Эгер 1922-жылы жумушчулардын саны 14 миң, ал эми 1940-жылы — 111 миң киши түзгөн болсо, анда азыркы убакта 670 миңден ашуун кишиге барабар, алардын ичинен кыргыздар 180 миң киши дээрлик. Анын үстүнө кийинки 25 жылдын ичинде индустриялуу тармактарда жумушчу кыргыздардын саны сегиз эсе көбөйгөн.

Республиканын ишканаларынын арасында Кадамжайдагы М. В. Фрунзе атындагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү

сурьма комбинаты өзгөчө мактоого татыктуу. Ал чыгарып жаткан сурьма дүйнөлүк рынокто эталон болуп саналат.

Кыргызстандын 50 жылдыгы атындагы Фрунзедеги прибор куруу заводунан даярдалган буюмдар келген мейманлардын көңүлүн өзгөчө бурууда. Ал болсо, заводдун коллективинин бир катар жылдардан бери социалдык-экономикалык жактан өсүү планынын негизинде иштеп жаткандыгынын жыйынтыгы; анда өндүрүштү механизациялоонун деңгээли, квалификациялуулугу, эмгекчилердин жалпы билими тынымсыз өсүүдө, эмгек шарттары жана өндүрүштүн маданияттуулугу жакшырууда. Заводдо өздүк чыгармачылык планы, кадрлардын квалификациясын жогорулатуу максатында өндүрүштүн бөлүмдөрүнүн жетекчилерин, экономисттерди, технологдорду, инженер-конструкторлорду кезеги менен окутуп туруу өндүү эмгекти уюштыруунун формалары кеңири колдонулат. Заводдун көпчүлүк жумушчуларынын орто техникалык билими бар. Өткөн беш жылдыкта алдыңкы тажрыйбанын мектептеринин атайын алдыңкы-техникалык курстарында 4500 адам өздөрүнүн квалификациясын жогорулаткан, ал эми 350 адам кошумча адистикке ээ болгон.

Көргөзмөгө келгендерди маданий жана турмуш тиричиликке керектүү болгон товарлар дайыма кызыктырат: кир жуучу машиналар, газ плиталары жана башка ошого окшогон материалдар Кыргызстандын фабрикалары менен заводдорунун продукциялары.

«Жеңил өнөр жай» бөлүмү менен таанышууну цифралар менен баштайбыз. 1928-жылга салыштырганда анын продукциясынын жалпы көлөмү жүз эседен ашык өскөн. Азыр республикада бир катар пахта тазалоочу, текстиль, трикотаж, кийим тигүүчү, тери иштетүүчү жана бут кийим тигүүчү өнөр жай тармактарынын ишканалары иштөөдө. Ар жылы 45 миллион квадрат метр пахтадан токулган, 9

миллион квадрат метрге жакын жүндөн, 14 миллион квадрат метрге жакын кендирден жана 9 миллион квадрат метр жибектен токулган кездемелер чыгарылууда. Кыргызстан жүндөн токулган кездемелерди чыгаруу жагынан Орто Азия республикаларынын ичинде биринчи орунду ээлеп турат.

Жалаң гана өткөн тогузунчу беш жылдыкта жеңил өнөр жай продукцияларынын жалпы көлөмү 47 процентке өскөн. Пахтаны жана жүндү иштетүүчү өнөр жай тармактары курулду жана өстү. Тогузунчу беш жылдыкта элге керектелүүчү жеңил өнөр жай товарлары сегизинчи беш жылдыктагыга салыштырганда бир жарым миллионго көп чыгарылган.

Ишканаларды жаңы технологиялык жабдуулар менен толуктоо ишти бир кыйла механизациялаштырууга мүмкүндүк берди. Азыр жумушчулар кийинки чыгарылган, чуусу чыкпаган машиналар менен жарык, таза жана кең цехтерде иштешүүдө.

Үстүбүздөгү беш жылдыкта эмгек процесстерин мындан ары механизациялоо, башкаруу системасын автоматташтырууну өркүндөтүү, өндүрүштү адистештирүү жана концентрациялоо каралууда. Жеңил өнөр жай продукцияларын иштеп чыгаруу 31 процентке өсөт жана жылына бир миллиард үч жүз миң сомго жетет. Айрыкча жүндөн, пахтадан жана жибектен продукция иштеп чыгаруу бир кыйла ылдамдатылган темпте өсөт. Кийим жана бут кийим, трикотаж буюмдарынын сапаттуу чыгарылышына өзгөчө көңүл бөлүнөт. Мына ушул максатта ишканаларда эмгекти уюштуруу жана чыгарылуучу продукциялардын сапаттуулугун башкаруунун комплекстүү системалары өркүндөтүлүүдө, ал өндүрүштүн бардык звенолорун өз кучагына алат. Жогорку сапат белгилери болгон жасалгалардын жалпы көлөмү алты жарым эсеге көбөйөт.



«Жеңил өнөр жай» бөлүмүндөгү стендаларда кездемелердин кеңири ассортименттери коюлган. 60 тан ашык жүндөн жана жибектен токулган кездемелердин үлгүсү — республикада текстиль өнөр жайынын өркүндөп өскөндүгүнө айкын күбө.

Декоративдүү кездемелерди чыгарууда Орто Азияда биринчи жана ири ишкана болгон Эмгек Кызыл Туу ордендүү кыргыздын камволдук-сукно комбинатынын кездемелери коюлган орун өзгөчө кооз көрүнөт. Комбинат ар жыл сайын 5 миң тонна жүндөн ийрилген жиптерди, 8 миллион метр жүндөн токулган кездемелерди чыгарат.

Жылына 100 миллион метр пахтадан токулган кездемелерди чыгарып жаткан, Оштогу Октябрдын 50 жылдыгы атындагы текстиль комбинатынын кездемелери коюлган орундар да бар.

Мында Оштогу ВЛКСМ атындагы жибек комбинатынын таза жибектен жана жасалма жиптен кошуп кооздоп даярдаган кездемелери, «Октябрдын 40 жылдыгы» ВЛКСМ атындагы, «Биринчи Май» фабрикалары жана башкалар тигип чыгарган кийимдер менен буюмдар да коюлган. Ар жыл сайын фабрикаларда бир нече жүздөгөн жаңы моделдер өздөштүрүлүүдө, алардын ичинен мамлекеттик жогорку сапатка ээ болгондору көрүнүктүү орунду ээлөөдө.

Көргөзмөнүн меймандары трикотаж өнөр жайынын жетишкендиктери, Фрунзедеги трикотаж бирикмесинин иштери жөнүндө кеңири тааныша алышат жана андан кооздолуп жасалган көптөгөн аялдардын жана балдардын кийимин, спорттук костюмдарды, ички кийимдерди жана байпак-носки буюмдарын көрүшөт.

Фрунзе атындагы жана Панфилов атындагы булгаары заводдору көргөзмөгө өздөрүнүн бай экспозицияларын коюшкан: айрыкча аялдардын жана эркектердин туфлийлерин, ботинкаларын, өтүктөрүн жана булгаарыдан жасалган

галантерия буюмдарын коюшкан. Бул ишканалар ар жыл сайын 2600 тонна жөнөкөй жана 102 миллион квадраттык дециметр хром тери материалдарын иштеп чыгарат.

Көргөзмөгө териден жасалган кымыз куюлуучу көөкөр, чымкап өндүү сувенир буюмдары өзгөчө кооз көрүнөт.

Андан ары павильондун «Тамак аш өнөр жай бөлүмүнө» саякат жасап көрөлү.

Өнөр жайынын бул тармагында иштеген эмгекчилер тогузунчу беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн бир жыл мурун аткарышкан. Кыргыздын тамак-аш продукцияларын даярдоочулары бир миллиард 800 миллион сомдук продукция чыгарышкан, же бул болсо тамак аш продуктылары менен жалаң гана республиканын калкынын керектөөсүн канааттандырбастан, бир тууган Орто Азиянын башка республикаларына жана Казакстанга жөнөтүүгө да мүмкүнчүлүк берди. Жалаң гана Тамак аш өнөр жай министерствосунун совхоздору мамлекетке 130 миң тонна жүзүм, 100 миң тонна жашылча жана башка айыл чарба продукцияларын өткөрүшкөн.

Тогузунчу беш жылдыктын жылдарында Ак-Суудагы кант заводу, Жалал-Абаддагы тамеки иштеп чыгаруу заводу, Фрунзедеги булочка-кондитер заводу, Рыбачыдагы консерва жана башка ишканалар курулуп, Фрунзедеги нан бышырып чыгаруучу бирикменин, шампанкомбинатынын, кондитердик бирикменин базалары бир кыйла кеңейтилген.

Азыр өндүрүштүн бул тармагында ири өндүрүштүк бирикмелер уюштурулган, алсак Токмоктогу консерва, Фрунзедеги кондитердик бирикмелер жана башкалар. Бул болсо иштин структурасын башкарууну бир кыйла жакшыртты.

Үстүбүздөгү өтүп жаткан беш жылдыкта республикабыздагы тамак-аш өнөр жайын мындан ары өнүктүрүүгө 60 миллион сом суммасындагы акчалай каражаттар жумшалмакчы. Таш-Көмүр шаарындагы тамеки, Токмоктогу

пива, Фрунзедеги дагы бир ири нан заводдору ишке киргизилет, ал эми Токмок, Нарын жана Таш-Көмүр шаарларында жаңы нан заводдору курулуп бүтөт. Азыр иштеп жаткан ишканалар кеңейтилип, азыркы жаңы технологиялык жабдуулар менен толукталат. Азыркы кезде тамак-аш өнөр жайынын ишканалары даярдап чыгарган продукциясынын 25 түрү Мамлекеттик сапат белгисине ээ болгон. Алардын кай бир түрү эл аралык конкурстун бааларынын негизинде дүйнөлүк образецтердин талаптарына жооп берген.

Кыргызстан — кант кызылчасын өстүрүү жана калктын ар бир кишисине кант иштеп чыгаруу боюнча Орто Азияда бирден-бир республика, мында кызылчадан кант иштеп чыгарууда Франция, Италия жана Германия Федеративдүү республикалары өндүү капиталисттик мамлекеттерден бир кыйла озуп кеткен. Көргөзмөнүн ушул бөлүмүнөн сиздер Ак-Суудагы, «Ардак Белгиси» ордендүү Кайыңдыдагы канг заводдорунун иштери менен тааныша аласыздар.

Экспонаттар ошондой эле биздин тамак-аш өнөр жайыбыздын нан-булочка, консерва, тамеки, вино даярдоочу жана башка ишканалардын продукциялары менен таанышгырат.

«Эт жана сүт өнөр жай» бөлүмүндө, бул тармактагы алдыңкы ишканаларга орун берилген.

Эт индустриясынын биринчилеринен болгон — Фрунзедеги эт консерва комбинаты сменасында 100 тоннадан ашык эт, 90 туб эт консервасы, 4,5 тонна канаттуулардын этин жана 12 тонна колбаса азыктарын даярдап чыгарат. Комбинатта өндүрүштүн негизги процесстери дээрлик механизациялаштырылган.

Жалпысынан алганда республикадагы этти кайра иштеп чыгаруучу ишканалар азык-түлүктөрүнүн 150 түрүн иштеп чыгарууда.

Кыргызстан эт өндүрүү боюнча Орто Азияда биринчи орунду ээлейт.

Сүт продукцияларын иштеп чыгаруучу ишканалардын да ассортименттери кеңири. Жалаң гана Фрунзедеги сүт комбинаты 60 түрлүү сүт продукцияларын даярдап чыгарат.

Бөлүмдөн дарылык касиети бар мыкты ичимдик — кымыздын өзгөчөлүгү менен таанышууга болот. Кымыз жөнүндө чыгыш элдеринде «Кымызды ичкенге бер» деген сөз бар, ошол үчүн көргөзмөнү көрүп болгондон кийин, павильондун жанындагы ашканадан бир чыны сабадан жаңы чыккан кымыздан ичип алсаң, чаңкаганың кана түшөт.

Андан ары каптал жактагы тепкичтен көтөрүлсөңүз «Жергиликтүү өнөр жай» жана «калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө» бөлүмдөрүнө туш келесиз. Жалаң гана 30 ишкана жана үч бирикме эл чарбасына керектүү болгон товарлардын 800 түрүн чыгарат. Ошол чакан экспозициянын кай бирлерин алып көрөлү, алар: таза мехтер, мехтен жасалган буюмдар, костюмдар, отургучтарга жапкычтар, килемдер менен одеялдар, улуттук баш кийимдер, боз үйдүн ички жасалгалары, жасалма терилер, ар кандай үйгө коюлуучу жыгач буюмдары жана сувенирлер.

Өзгөчө «Кыял» бирикмесинин даярдап чыгарган элдик кооз буюмдары көңүлдү бурбай койбойт. Азыркы кезде бул бирикменин даярдап чыккан кооз буюмдарын Америка Кошмо Штаттары менен Германия Федеративдүү Республикасы, Франция менен Канада, Италия менен Австралия, Алжир менен Сирия билишет же бардыгы 18 мамлекеттин ар кайсы көргөзмөлөрүнө коюлуп көрсөтүлүп жатат жана көрсөтүлүүдө.

Бирок ошондой болсо да, биздин көргөзмөгө келип көргөн меймандар, ал сувенирлер али да болсо аз деп айтышууда. Үстүбүздөгү өтүп жаткан беш жылдыкта мындай элдик кооз көркөм буюмдарды жасоочу ишканаларды

Ошто, Озгөндө жана Фрунзеде куруу белгиленген. 1980-жылы биздин республикада көркөмдөлүп жасалган элдик кооз буюмдар азыркыга салыштырганда үч эсе көп жасалып чыгарылмакчы.

«Илим жана маданият» павильону. Көргөзмөнүн бул бөлүмү, Кыргызстанда элге билим берүүнүн маалыматтары менен ачылат. 1911-жылы Пишпек уездинде элге билим берүүгө жумшалган жалпы расход калктын ар бир кишисине эсептегенде жылына 0,83 тыйындан 3,9 тыйынга чейин болгон. 1897-жылы жүргүзүлгөн биринчи жолку Бүткүлроссиялык калкты каттоонун маалыматтарына караганда Орто Азиядагы калктардын сабаттуулугу жалпысынан 5,3 проценттен ашпаган, ал эми жергиликтүү калктардын сабаттуулугу андан да төмөн, же негизинен сабатсыз болгон. Революцияга чейинки чыгуучу «Тарбиянын кабарчысы» журналына жарыяланган эсептөөлөргө караганда, Орто Азиядагы жалпы калктын сабаттуулугун толук жоюу үчүн 3260 жылдан 4600 жылга чейин убакыт талап кылынмакчы.

Бирок биринчи беш жылдыктын жылдарында эле, Кыргызстанда 670 адамдын сабаттуулугу жоюлган, 1959-жылкы калкты каттоонун маалыматтарына караганда Кыргыз ССРи Советтик Чыгыштын башка республикаларындагыдай эле, жалпы сабаттуулугу жоюлган республика экендиги аныкталган. Мындай болуш үчүн 20—25 гана жыл талап кылынган. Улуу Октябрь Социалисттик революциясына чейин Кыргызстандын территориясында 107 мектеп болгон жана анда мектеп жашындагы балдардын бар болгону төрт проценти гана окушкан. Азыркы кезде 1761 мектептен 852 миң бала окуп жатат. Эгерде профессионалдык-техникалык системадагы окуп жаткан окуучуларды кошуп эсептегенде, азыр республикадагы ар бир үчүнчү адам окуучу болуп эсептелет.

Кыргызстанда элге жогорку билим берүү да бир кыйла өстү. Тогуз жогорку жана 36 атайын орто окуу жайларында 96,5 миң адам окуп жатат. Бул калктын ар бир миң кишисине эсептегенде, жалаң чыгыш өлкөлөрүнөн гана эмес, Англия, Франция жана башка капиталисттик өлкөлөрдөн да бир кыйла көптүк кылат. Азыркы убакта жалаң гана жалпы элге билим берүүчү мектептерде 47,8 миң мугалим иштөөдө.

Көргөзмөнүн «Элге билим берүү» бөлүмүндө мектеп интернаттар жана республиканын маданий борборлорунан алыскы жайыттарындагы мектептер миңдеген малчылардын балдарын окутуп, тарбиялап жаткандыгы жөнүндөгү материалдар жазылган экспозициялар коюлган.

Бул бөлүмдөгү экспозицияда советтик мектептерде жаш жеткинчектерди патриоттук, интернационалдык сезимге, эмгекке эстетикалык жана дене тарбия жактан такшалтып тарбиялоого кеңири мүмкүнчүлүктөр бар экендиги ачык көрсөтүлгөн. Бул көргөзмөгө катышкандар балдардын техникага кызыккандыктарын — алар жасаган ар кандай машинанын жана механизмдердин моделдерин кубанычтуулук менен көрө алышат.

Совет өкмөтүнүн жеткинчектер үчүн тынымсыз көрүп жаткан камкордуктары жөнүндө балдар мекемелеринин бала-бакчаларынын көбөйүшү жазылган цифралар ачык көрсөтүлүп турат.

Экспозициянын бир бөлүмү — мыкты мугалимдердин портреттерине арналган. Бүткүл Советтер Союзундагыдай эле, Кыргызстандын мугалимдери бүткүл элдик сыйга ээ, алардын эмгектери өкмөт менен партия тарабынан бааланууда. Республиканын 300 дөн ашык мугалимдерине «Кыргыз ССРинин мектептерине эмгек сиңирген мугалим», деген ардактуу наам берилип, 4000 ден ашыгы СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланган. Эки жарым

миңден ашык мугалимдер республикада элге билим берүүнүн отличниги болуп эсептелет. Бир жарым миң мугалим жергиликтүү Советтердин, Кыргыз ССРинин жана СССР Жогорку Советинин депутаттары болуп шайланышкан.

Мындагы көргөзмөнүн жогорку жана орто билим берүү бөлүмү 49 миң студент жана 42 миңден ашык окуучу окуп жаткан республиканын жогорку жана орто окуу жайларынын иштери менен тааныштырат.

СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргызстандын мамлекеттик университети — республикада кадрларды даярдоонун башкы очогу. Тогузунчу беш жылдыктын жылдарында эл чарбасынын жана маданияттын 22 тармагы боюнча 11 миңге жакын адистерди даярдап чыгарган. Бул сегизинчи беш жылдыктагыга караганда бир жарым эсеге көптүк кылат. Студенттерди окутуунун жаңы планына жана программасына өтүү, бирдей гана мөөнөттүн ичинде окутуунун 70 планы боюнча ар кандай 750 сабакты өткөрүүгө мүмкүндүк берди. Университетте азыркы техникалык каражаттар кеңири пайдаланылууда, мында жалпы университеттик борбор түзүлүп, ички телекөрсөтүү системасы түзүлгөн. Азыр ошол ички телекөрсөтүү системасы аркылуу бир гана убакта 600 студент лекция уга алышат.

Өнөр жайына, курулушка жана транспортко инженер кадрларын даярдап чыгаруучу ири окуу жайы Фрунзедеги политехникалык институт болуп эсептелет. Мындагы окутуучулар менен студенттердин таланты менен ойлонуп чыгарылган машиналар, жабдуулар жана приборлор өзгөчө кызык. Алсак, алардын бири чийме геометрияны, техникалык черчениняны жана башка сабактарды окутууну контролдоо үчүн ылайыкталып жасалган «Ала-Тоо-5-р» прибору.

Павильондун бир кыйла бөлүгүн «профессионалдык-техникалык билим берүү» бөлүмү ээлейт. Республикада про-

фессионалдык техникалык билим берүүчү 70 окуу жайы иштөөдө, анда 150 адистик боюнча 40 миңге жакын балдар менен кыздар окуп жатышат. Жалаң гана тогузунчу беш жылдыкта өнөр жайына, айыл чарбасына, курулушка жана эл чарбасынын башка тармактарына 106 миң квалификациялуу жумушчулар даярдалган — бул сегизинчи беш жылдыктагыга салыштырганда эки эсе көптүк кылат.

Азыр жалпы окуучулардын 35 проценти жаштарга адистик жана орто билим берип жаткан профессионалдык-техникалык билим берүүчү системадагы окуу жайларында окуп жатышат. Павильондун илим бөлүмү... Кыргыз ССРинин илимдер Академиясынын Президенти Курман-Гали Каракеев жөнүндө — көчмөн кедейдин баласы, ал бала кезинде байга малай болгон. Улуу Октябрь социалисттик революциясы аны бардык эзилген кедей-дыйкандар сыяктуу эле жакырчылыктан жана адилетсиздиктен сууруп чыкты. Октябрдын жеңиши менен К. Каракеевдин илимге умтулуусуна, андан кийин анын жогорку даражасына карай даңгыраган жолу ачылды. Мамлекет анын жогорку билим алуусуна кеңири мүмкүнчүлүк түзүп берди. Ал республиканын көрүнүктүү тарыхчысы, доктор деген илимий даражасы, профессор деген наамы бар, СССР илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти.

К. Каракеевдин Кыргызстандын илиминин өркүндөп өсүшүнө кошкон илимий иштеринин салымы чоң.

Кыргызстанда илимдер Академиясы башында турган көптөгөн илимий мекемелер иштеп жатат, аларда 7100 дөн ашык илимий кызматкерлер, анын ичинен 200 илимдин доктору жана 2200 илимдин кандидаты болуп эсептелет.

Автоматика институту тарабынан Советтер Союзунда биринчи жолу сугат сууларын бөлүштүрүүнү диспетчерлештирүүнүн подсистемасы иштелип чыгылган.

Ошол эле институт жаратылыш байлыктарын алуучу ишканалар менен бирдикте, тоо кендерин казып алуучу машиналарды да чыгарышкан, алар азыр кендерди казып алуунун технологиясын жакшыртууда натыйжалуу пайдаланылууда. Геология институтунун илимий кызматкерлери тарабынан Ысык-Көл жана Нарын областынын жер шартын гидромоделдештирүү боюнча гидрогеологиялык жана мелиоративдик карта жана Фергана тоо кыркаларындагы металл кендери чыга турган жерлерди болжолдоп турган карта түзүлгөн.

Хайдаркандагы сымап комбинатында жер алдындагы терендиктен сымап кендерин уратуу жолу менен алуунун системасы иштелип чыгарылган. Сымаптын, сурьма кендеринин, сейрек кезигүүчү элементтердин, коргошундун минералдык сырьёлорун комплекстүү жолдор менен аныктоонун теориясы жана практикасы химиялык жактан изилденген.

Түндүк Кыргызстанда жерди ирээттүү түрдө иштетүүнүн жана жазгы-күзгү жайыттарды жакшыртуунун жолдору иштелип чыгылган. Республиканын окумуштуулары мал чарбасынын продуктуулугун жогорулатуу боюнча иш жүргүзүлүүдө. Алардын иштери малдарды ар кандай ылаңдардан сактоо боюнча алдын-ала профилактикалык чараларды көрүүгө жана тоют өндүрүүгө оң таасир тийгизмекчи.

Кыргызстандын өткөн мезгилин үйрөнүүдө, колхоздор жана совхоздордун, ири өнөр жай ишканалары менен курулуштардын түзүлүшү жана өндүрүштүк иштери жөнүндө изилдеп тарыхты байытууда Кыргызстандын коомдук илимий кызматкерлеринин киргизген салымы эбегейсиз. Философтор маркстик-лениндик философиянын негизги проблемаларын иштеп чыгышууда, укук таануу боюнча да бир кыйла иш жүргүзүшкөн.

Стендада Канттагы цемент-шифер комбинатын биринчи кезектеги автоматташтыруу системасы менен башкаруунун схемасы жайгаштырылган. Азыр анын экономикалык жактан пайдалуулугу 208 миң сомдон ашат, ал аны толук өздөштүргөндө комбинатка ар жылы жарым миллионго жакын кошумча киреше киргизмекчи. Көргөзмөгө келген меймандар анын «илим» бөлүмүнөн плазмотронду кошуп, эритиндилер менен кошундуларды спектралдуу анализ жүргүзүү боюнча установканы, кызылчадан кант иштеп чыгаруудан калган калдыктардан кайра иштеп чыгып даярдалган стимулятор «Бамс» деген препаратты, дарылык үчүн ичилүүчү ичимдик кыргыз бальзамын («Арашан»), Ысык-Көлдүн форелин жана башкаларды көрүүгө болот.

Өзүнүн кооздолгон жасалгалары жана көргөзмөгө коюлган буюмдарынын байлыгы боюнча көргөзмөнүн маданият бөлүмү көздүн жоосун алат.

Азыркы кездеги кыргыздын театрларында коюлуп жаткан спектаклдердин кээ бир фрагменттери адамды өзүнө тартпай койбойт. Алардын ичинде «Кремлдин куранттары», «Борис Годунов», «Король Лир», «Саманчынын жолу», «Кызыл жоолук жалжалым», «Манас», «Айчүрөк», «Чолпон» жана башка чет элдик, орустун жана советтик классиктердин азыркы пьесаларынын чыгармаларынын негизинде тартылган спектаклдердин фрагменти коюлган. Азыр Кыргызстанда 7 профессионалдык театр, филармония, искусство институту, эки музыкалык, сүрөт, маданий-агартуу окуу жайлары жана 80 ден ашык музыкалык, мектептер бар.

Сиздерге Чынгыз Айтматовдун ысымы белгилүү экендигинде талаш жок. Азыр анын чыгармаларын кыргыздар жана орустар, немецтер менен англичандар, испандар менен поляктар жана башка көп улуттар окушат: анын

чыгармалары 46 тилде 140 жолу басылып чыгарылып, жалпысынан 7 миллион экземплярга жеткен. Кийинки он жылдыкта окуучулардын талабы боюнча көп басылып чыгышы жагынан «Жамийла» повести Михаил Шолоховдун бүткүл дүйнөгө белгилүү «Адамдын тагдыры», Эрнест Хемингуэйдин «Чал жана деңиз» деген өндүү чыгармалары менен теңдеше алды.

Бизде жана чет өлкөлөрдө республиканын эл акыны, Социалисттик Эмгектин Баатыры Аалы Токомбаевдин, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Түгөлбай Сыдыкбековдун жана башка акындар менен прозаиктердин чыгармалары кеңири белгилүү.

1926-жылы «Кыргызстан» басмаканасынан биринчи жолу В. И. Лениндин «Жаштар Союзунун милдеттери» жана «Кооперация жөнүндө» деген чыгармалары кыргыз тилинде басылып чыгылган. Бардыгы болуп улуу көсөмдүн чыгармалары 160 жолу басылып 1 миллион 500 экземпляр эсебинде кыргыз тилинде жарык көргөн. Лениндин юбилейлик жылында анын жыйнактары төртүнчү жолу кыргыз тилинде басылып чыгарылган. Азыр республикада 7 басмакана бар, анын ичинен үчөөндө жалаң гана китеп басылып чыгарылат. Ар жыл сайын жалпы тиражы 6 миллион экземплярга жеткен бир миңге жакын китептер менен брошюралар басылып чыгууда. Республика түзүлгөндөн тартып жалпы тиражы 130 миллион экземплярга жеткен 20 миң китептер менен брошюралар басылып чыгарылган.

Азыркы кезде мамлекеттик басмакана системаларында 35 полиграфиялык комбинаттар бар, алсак республикалык жана үч областтык полиграф комбинаты, 11 райондук жана шаардык типографиялар, райондук газеталардын алдындагы типографиялык цехтер.

Республикада 1500 гө жакын китепкана бар, андагы сак-

талып жаткан китептердин жалпы саны 12 миллион экземплярга жетет. Кыргыз ССРинин республикалык Н. Г. Чернышевский атындагы борбордук китепканасында үч миллиондон ашык кыргыз, орус жана башка СССР элдеринин, чет элдердин тилдериндеги китептер сакталууда.

Кыргыздын киноискусствосу тарабынан биринчи жолу, Чыңгыз Айтматовдун «Бото көз» деген чыгармасынын негизинде тартылган «Аптап» кинокартинасы дүйнөлүк аренага кеңири белгилүү.

Ал 1964-жылы Карлово-Вардагы көргөзмөнүн башкы байгесин жана дипломун алууга татыктуу болгон. Андан кийин Франкфурте—на—Майнедеги өткөн көргөзмөдө «Аптап» кинокартинасына эл аралык «Гран-при» сыйлыгы ыйгарылган. Ошол күндөн тартып, кино искусствосуна Океев, Шамшиев, Базаров, Чокморов, Видугирис жана башка жаш мастерлердин келиши менен Кыргыздын кинематографисттеринин тарткан фильмдери Флоренцияда, Гренноблдо, Парижде, Канадада, Лос-Анжелосто, Краковдо жана башка өткөрүлгөн эл аралык кинофестивалдарда көрсөтүлдү.

«Биринчи мугалим», «Уркуя», «Кызыл Алма», «Чабан», «Ысык-Көлдүн жоогазындары» жана башка бир катар кинофильмдер «Альпынын алтын бутагы», «Үч континенталь», «Күмүш дельфин» жана башка байгелерге ээ болгон.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын экрандаштыруу кыргыз элине киноискусствосунун негизги өсүү жолунун доору болуп калды. Сүрөтчү жана педагог В. В. Образцов жана Дж. Неру атындагы СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, живописчи С. А. Чуйков революцияда профессионалдык сүрөт искусствосунун өсүп өнүгүүсүнө зор таасир тийгизди. СССРдин сүрөт Академиясынын мүчө-корреспонденти, Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты СССРдин эл сүрөтчүсү Гапар Айтиевдин чыгармалары биздин өлкөгө кеңири белги-

КИРГИЗСКОЙ ССР

лүү. Анын бир катар чыгармалары Польшада, Чехословакияда, Монголияда, Кореяда, Иранда жана Шри Ланкода көрсөтүлгөн.

Кыргызстанда кыйла жылдардан бери скульптор О. Мануйлова жана график А. Ильина эмгектенүүдө.

Кыргыздын көркөмдөлүп жасалган кооз сайма салынган буюмдары: килемдер, ала кийиз, шырдак, чийден жасалган жерге салгыч, кийиз, чыгдан, аяккап жана башка кооз буюмдар да көргөзмөгө коюлган.

«Саламаттык сактоо» бөлүмү. Революцияга чейинки кыргыздар медициналык жардамдарды билишпеген. Совет өкмөтүнүн жылдарында саламаттыкты сактоо, болуп көрбөгөндөй өзгөрдү. Тогузунчу гана беш жылдыкта калкка медициналык жардам көрсөтүү максатында 527 миллион сом акчалай каражат жумшалып, 50 жаңы ооруканa курулду жана койкалардын саны 550 гө арбыды. Онунчу беш жылдыкта 3350 койкалык ооруканалар жана сменасында 3900 адамды кабыл алууга жөндөмдүү поликлиникалар салынат.

Азыр Кыргызстанда миңдеген врач жана орто медициналык кызматкерлер эмгектенишүүдө.

Республиканын амбулаторияларынын поликлиникалары жылына 20 миллион адамды кабыл алууга жөндөмдүү. Кыргызстанда эки станция жана 68 тез жардам көрсөтүүчү станциялардын бөлүмдөрү иштеп жатат. Баардык ооруканалардагы койкалардын 60 проценти жалаң гана айыл кыштактарда.

Азыр республикада 176 балдардын поликлиникалары, 8,5 мамлекеттик жана 407 колхоздук сүт кухиялары, 13 балдардын санаторияларынын, 11 балдардын ооруканасы, 1017 мектепке чейинки балдарды тарбиялоочу мекемелер бар.

Бүткүл өлкөдөгүдөй эле, биздин республиканын саламаттыкты сактоодо иштеп жаткан медициналык кызмат-

керлер, адистер өзгөчө сыйлуу. Алардын ичинен 500 медициналык кызматкерлер СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланган, 81 врачка «Кыргыз ССРине эмге сиңирген врач» деген наам берилген жана 2000 медициналык кызматкерлер «Саламаттыкты сактоонун отличниги» деген наам алууга татыктуу болгон.

Республикада эс алуу жайлары менен санаториялардын саны жылдан жылга өсүүдө. Айрыкча дүйнө жүзүндөгү эң бийик тоодогу көл болгон Ысык-Көлдүн жээгиндеги эс алуучу мекемелер менен пункттар адамдын ден соолугун чыңдоочу жайлар болуп калды.

Өнөр жай павильону. Кыргызстанда 1913-жылы бар болгону бир нече эле көмүр жана туз казып чыгаруучу шахты, сегиз тегирмен, беш пива кайнатуучу жана үч арак заводу, эки-үч жүн жуучу жана эки пахта тазалоочу завод болгон, анда бардыгы болуп 1445 адам иштеген. Совет өкмөтүнүн тушунда республиканын экономикасы тааныл-гыс болуп өзгөрдү. Кийинки 40 жылда өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмү 60 эсеге көбөйгөн. Ошол жылдардын ичинде 350 ири өнөр жай ишканалары курулду. Азыркы кезде республикабызда алты күндүн ичинде эле, 1936-жылы чыгарган өнөр жай продукциясын чыгарат.

Оор өнөр жайы тез өсүп жетилди. Машина куруу заводдору менен ишканалары бүт дээрлик кайра курулуп чыгып, алардын чыгарган продукциялары жалпы өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн 25 процентин түзөт.

Жүздөн ашык ишканалар өздөрүнүн продукцияларын көргөзмөдө демонстрациялоодо. Андагы экспонаттар өнөр жай ишканаларынын илимий-техникалык жетишкендиктердин негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып ички мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдалануу менен өндүрүштүн натыйжалуулугун жана сапаттуулугун кыйшаюусуз жогорулатып жаткандыктары жөнүндө айгинелеп турат.

Тогузунчу беш жылдыктын жылдарында эл чарбасын энергиялаштырууга, техникалык жактан жабууну жакшыртууга, өндүрүштүк күчтөрдү ишке киргизүүнү ылдамдатууга жана аны өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Өнөр жай өндүрүшүнүн бардык тармактарында илимий-техникалык жетишкендиктерди ишке жайылтуу, өндүрүштү интенсификациялоо жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндөгү ири чаралар ишке ашырылды. Анын негизинде өнөр жай ишканаларынын 250 цехи менен участкалары автоматташтырылып жана механизациялаштырылган, үч миңге жакын агрегаттар менен автоматикалык жана жарым автоматикалык линиялар ишке киргизилген. 32 миңге жакын ойлонуп чыгарылган жаңылыктар менен ойлоп табуучулардын сунуштарын ишке киргизүүнүн натыйжасында экономикалык жактан 100 миллион сомдук пайда келтирилди жана ал мындан ары техникаларды жана технологиялык иштерди жакшыртууда чоң роль ойноду.

Тогузунчу беш жылдыктын жылдарында 80 ден ашык машиналар менен жабдуулар жасалды, 800 дөн ашык жасалгалар ишке киргизилген, алардын ичинде татаал электр менен эсептөөчү машиналар, физикалык жана медициналык приборлор, автоматтык жана жарым автоматтык линиялар, өзүн-өзү башкаруу системасы менен иштеген металл кесүүчү станоктор бар.

«Кыргызстандын энергетикасы — негизги техникалык прогресс» деген бөлүмдө, эл чарбасынын бул маанилүү тармагы жөнүндө айтылат. Кыргызстанды электрлештирүүнүн жолу Ильичтин биринчи лампочкасынан ири гидроэлектростанциянын курулушуна чейин болуп эсептелет. 1913—1914-жылдары республиканын жалпы территориясындагы жайгашкан электр станцияларынын жалпы энергиясы бар болгону 485 киловатты түзгөн. Энергиянын

негизги бөлүгүн Кызыл-Кыядагы көмүр кенине коюлган жылуулук электр станциясы жана Ош шаарындагы эки чакан гидроэлектростанциясы түзгөн. 1928-жылы гана республикада гидроресурстарды иликтөө башталган. 1932-жылы Кыргызстанда биринчи жолу курулган Ленин районундагы Сакалды айылдык гидроэлектростанция электр тогун берген.

Азыркы убакта Кыргызстанда калктын ар бир кишисине электр энергиясын өндүрүү боюнча Азия жана Америка өлкөлөрүндөгү ондогон капиталисттик мамлекеттерден алдыда турат. Өлкөдөгү ири курулуш болуп эсептелген Токтогул гидроэлектростанциясы курулуп бүтүп толук ишке киргизилгенде кубаттуулугу 1,2 миллион киловатт электроэнергиясын иштеп чыгат. Бул болсо Ата Мекенибизде биринчи жолу бийик тоолуу татаал шарттарда ири гидротүйүнүнүн курулушу ишке ашырылат. Кыргыздын гидроэнергетиктеринин тажрыйбасы Нурек, Чиркей, Хантайка жана Зея гидроэлектростанцияларын курууда кеңири пайдаланылган, аларда крансыз жолдор менен бетон куюу, 500 киловольттук электр өткөрүү линияларын куруу методу жана башкалар кеңири колдонулууда.

Нарын дарыясынын бассейндеринде жыйырмадан ашык гидроэлектростанциялар курулмакчы. Азыр кубаттуулугу 180 миң киловатт келген үч-коргон гидроэлектростанциясы иштеп жатат, Токтогул, Күрпсай жана Камбарата гидроэлектростанциялары курулууда, алар курулуп ишке киргизилгенде эл чарбасына жылына 15 миллиард киловатт саат электроэнергиясын бермекчи. Айрыкча Камбарата гидроэлектростанциясы экономикалык жактан өзгөчө пайдалуу. Анын курулушу бүтүп ишке киргизилгенде электроэнергиясын иштеп чыгарууну 6,5 миллиард киловат-саатка көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал

эми 300 метрлик плотинаны куруу методу ата мекендик гидротүйүнүн курууунун дагы бир алтын барагын ачып берет.

Көргөзмөнүн «Геология» бөлүмүндө түстүү жана сейрек учуроочу металлдардын коллекциялары коюлган. Сүрьма, сымап, коргошун, жез, цинк, күмүш кендеринин образецтеринин болушу Кыргызстандын тоо кендеринде Менделеевдин таблицасындагы элементтердин бардыгы бар экендигин айгинелеп турат.

Жылдан-жылга минералдык заттардын, түстүү жана сейрек учуроочу металлдардын, курулуш материалдарынын, жер астындагы суулардын запастарын изилдөө кеңейтилүүдө. Көмүр кенин изилдөө да кеңири масштабда жүргүзүлүүдө. Геологдор биринчи иретте көмүрдүн катмарларын ачык жол менен казып алуунун мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп таап жатышат. Тогузунчу беш жылдыктын жылдарында пайдалануу кендердин 39 түрү жаңыдан табылды жана изилденди, алардын ичинен жетөө түстүү жана сейрек учуроочу металлдар, 23 курулуш материалдар жана тогузу жер астындагы суулар. Жерден казылып алынуучу пайдалуу кендердин 25 түрү өнөр жай өндүрүшүнө пайдаланууга берилген.

Республикада Ата мекендик жүргүзүлгөн тажрыйбалардын негизинде бир катар пайдалуу кендерди изилдөөнүн жана табуунун жолдору өздөштүрүлгөн, алсак сымаптын, вольфрамдын, коргошундун, порошок түрүндөгү сурьманын составы эмнеден турганын билүү үчүн рентгенрадиометрикалык жолдорду пайдалануу иш жүзүндө өздөштүрүлгөн. Аны өндүрүштө колдонуунун негизинде биздин гана республиканын масштабында төрт миллион сомдон ашык пайда келтирилүүдө.

Көргөзмөнүн бөлүмдөгү экспозицияларда курулушка жана башка эл чарбасына керек боло турган кооз таштар,

ошондой эле геологдордун аппараттары менен техникалары коюлган.

«Тоо металлургия өнөр жайы» бөлүмүнүн экспозициясы бул өнөр жайынын продукциялары, анда иштеп жаткан алдыңкы адамдар жөнүндө ачык айкын түшүнүк берип турат. Өндүрүштүн бул тармагында эмгектенип жаткан адамдардын колунан дүйнөлүк жогорку сапатка татыктуу болгон, дүйнө жүзүндө эң таза сурьма кени өндүрүлүп жатат. Брюссельдеги бүткүлдүйнөлүк көргөзмөдө алтын медаль менен сыйланган Кадамжайдын сурьмасы биздин өлкөнүн бардык булуң-бурчтарына гана жөнөтүлбөстөн, Румынияга, Чехословакияга, Кубага жана башка чет мамлекеттерге да жөнөтүлүп жатат. Металл өнөр жайы таза сурьманы алууну өздөштүрбөстөн, сурьманын составынан дагы башка керектүү металлдарды алуунун технологиялык схемалары өздөштүрүлгөн.

Биздин республикада өлкөбүздүн сымап өнөр жайынын бирден-бир таяныч пункту болгон сымап комбинаты иштеп жатат.

Кыргызстан — Орто Азиядагы отун өндүрүүчү негизги база. «Отун өнөр жайы» бөлүмүндөгү материалдардан Кыргызстандын территориясында көмүр казып алуу мурунтан эле жүргүзүлүп жаткандыгы, бирок ошондой болсо да көмүр өнөр жайынын өсүшү Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийин гана дүркүрөп өсүүсү менен кеңири таанышууга болот. Эгерде 1913-жылы 100 миң тоннага жетпеген көмүр казылып алынса, азыр ар жылы миллиондөгон тонна көмүр өндүрүлөт. Көмүр казып алуу жыл сайын көбөйүүдө, калктын керектөөсүнүн запасын түзүүдө биздин республика союзда төртүнчү орунда турат, ал эми калктын ар бир кишисине көмүр өндүрүү боюнча Иран, Италия, Аргентина өндүү мамлекеттерден озуп кеткен.

Стендалар республикабыздын көмүр өндүрүп алуучу ишканаларында көмүрдү ачык жолдор менен казып алуу жана шахтыларды механизациялоо жөнүндө баяндап турат. Көмүр казуучу комбайндар, тасмалуу конвейрлер, жер астындагы жумуштарда металл-жыгач тирөөчтөрүн пайдалануу, аралыктан автоматикалык жолдор менен башкаруу тоочулдардын иштерин бир кыйла жеңилдетүү менен көмүр казууда эмгек өндүрүмдүүлүгүн бир кыйла жогорулатат.

«Транспорт жана байланыш» павильону. Биздин республикабызда транспорттордун бардык түрү, автомобиль, аба, темир жол жана суу транспорттору бар, бирок биздин республикабыз тоолуу болгондуктан автотранспорттор кеңири пайдаланылууда. Автомобиль жолдору менен ондогон түрлүү жүктөр, көптөгөн жүргүнчүлөр жеткирилет. Автомашиналардын жардамы менен адамдарды, жүктөрдү жолдору татаал болгон алыскы бийик тоолуу жерлерге саналуу гана саатта жеткирүүдө. Мурунку убакта андай алыстыкка тоолуу шарттарга көнүккөн аттар менен кар кетип, жай мезгили болгондо гана жетүүгө болоор эле.

Ысык-Көлдүн айланасынан курчап өткөн узундугу 500 километр келген автомагистралы, бул крайдын экономикасынын өсүүсүнө чоң роль ойноодо. Республиканын түндүгү менен түштүгүн катташтырып турган узундугу 700 километр келген Фрунзе — Ош жолу. Жакынкы жылдардын ичинде талаачылыгы өнүккөн зоналарга кирген Алай, Фергана, Жумгал өрөөндөрү, алыскы Арпа, Ак-Сай, Кара-Кужур жайыттары өздөштүрүлөт. Кыргыз ССРи жайлуу жана ыңгайлуу автомобиль жолдору боюнча союздук республикалардын ичинен бирден бир алдынкы орунда турат.

Бардык эле жактагыдай, биздин республикада да аба транспорту кеңири колдонулууда. Республиканын учкуч-

тары жай айларында гана бир миллион эки жүз миңден ашык пассажирлерди ташышат. Фрунзенин аэропортунан Москвага, Ленинградка, Киевке, Бакуга, Новосибирскиге, Челябинскиге, Красноярскиге, Омскиге аба лайнери менен учуп барууга болот же Кыргызстандан самолет менен учуп баралбай турган биздин өлкөдө бир да шаар жок. Кыргызстандын бардык шаарлары жана көптөгөн райондору аба линиялары менен байланыштырылган. Онунчу беш жылдыкта эскирип бара жаткан ИЛ-18 маркасындагы самолётту, ылдам жүрө турган жогорку комфартабелдүү ТУ-154 маркасындагы аба лайнери толук алмаштырат, ИЛ-18 дин ордуна ЯК-40 келди.

Ушул павильондун стендалары көрүүчүлөрдү темир жол жана суу транспорттору менен тааныштырат.

Революцияга чейин Кыргызстандын байланышы жалаң гана узун кулактар аркылуу же ооздон-оозго өтүү менен болгон. Азыр калкты байланыштыруу почта, телеграф, телефон, радиоберүү, радио байланышы, телекөрсөтүү, космостук техникалар жана жердин жасалма жандоочусу аркылуу жүргүзүлөт.

Республиканын территориясын телевидениелештирүү, шаар аралык автоматтык телефондорду коюу жана телеграфташтыруу боюнча Кыргызстан союздук республикалардын ичинен алдыңкы орунду ээлеп турат. Республикада ар кандай толкундар аркылуу 35 радиоберүүлөр иштеп жатат, алар аркылуу үч программа боюнча радиоуктуруулар уюштурулган. Шаарлар менен кыштактарда 300 радиотүйүнү иштөөдө, анын берүүлөрү 400 миң радиоточкалары аркылуу таркалат. Кыргызстандын калкында 700 миңден ашык радиоприемниктер жана 800 миң телевизорлор бар.

Республиканын калкын телекөрсөтүү менен камсыз кылуу маселеси негизинен 60-чы жылдары эле бийик

тоолуу жайларга байланыштырып турган радиолинияларын жана телекөрсөтүүнү жөнгө салып туруучу станцияларды куруу жолу **менен чечилген.**

Фрунзеде шаар аралык автоматикалык телефондук станция иштөөдө. Ал аркылуу телефонисткалардын жардамысыз эле өлкөнүн кырктан ашык шаарлары — Москва, Ленинград, Киев жана башка союздук республикалардын борборлору менен байланышууга болот. Бул станция күн сайын 800 жолу башка жактар менен сүйлөшүүнү камсыз кылат.

Бөлүмдүн экспозициялрында телефон-телеграф, радио жана почта байланыштарынын жана телекөрсөтүүлөрдүн жаңы аппараттарын көрсөтүп турат. Кабыл алуучу «Орбита» системасынын пункту, жөнөкөй жана түстүү телекөрсөтүү максатында коюлган жердин жасалма жандоочусунун техникалык комплекси азыркы Кыргызстандын символун айгинелейт.

«Сапат жана стандарт» павильону. Биздин планетада төрт миллиондон ашык буюмдар бар. Алардын учётун кандай эсептөө керек? Жер шарынын ар кайсы бурчтарынан даярдалган эң кенедей деталдарды механизмдерге керектөө үчүн эмне кылуу керек?

Алардын жаракгуулугун билүү үчүн өзүнчө стандарт — чен бар. Деталдарды механизмдерде туура пайдаланганда жөнөкөй гана нерсе сыяктуу сезилет, ал эми миңден бир гана миллиметр өлчөмүндө туура эмес пайдаланып көрөлүчү, анда электростанциянын гигант турбиналарынын ротору кыймылдабай калаары шексиз. Андай болбос үчүн адам баласы көптөгөн кылымдардан бери өзүнчө тартипти, стандартташтырууну таап, колдонуп келе жатат. Биздин өлкөдө стандарт жана өлчөөчү техникалардын тууралыгына көзөмөл жүргүзө турган атайын лабораториялар **бар.**

Павильондо мамлекеттик сапат белгисине татыктуу болгон буюмдар коюлган. Алар эң эле көп, алсак: сурьма, силерге белгилүү болгон электр эриткичтери, жылуулук релеси, медициналык центрофуга, суу чыгаруучу насостор жана өлчөөчү техникалар.

Биздин республикада продукцияны чыгарууда 6500 ашык мамлекеттик жана 475 республикалык стандарттар колдонулат.

«Курулуш» павильону. Кыргызстанды жаңы курулуштун аймагы деп аташат. Кайсы гана шаарда болбосун, тоолу крайыбыздын алыскы бурчтарында да үй куруучу бийик мунарадай узун крандар ал жерлердин пейзажы болуп калууда. Кийинки гана он жылдыктын ичинде бургулоочу техникаларды чыгаруучу, электрондук эсептөөчү машиналарды, машина жыйноочу, Майлы-Сайдагы электр лампаларын чыгаруучу заводдор, Оштогу текстиль комбинаты жана башка ири ишканалар курулду.

Республиканын шаарлары менен селолору жакшырып: турак жайлардын, мектептердин, ооруканалардын, кинотеатрлардын жана клубдардын курулушу күн санап өсүүдө.

Бул болсо 224 мамлекеттик жана 43 колхоз аралык курулуш уюмдарын бириктирип турган курулушчулардын асыл колу менен жаралууда. Күчтүү техникалык каражаттар менен жабдылган бул уюмдар, курулуштардын темпин жыл сайын күчөтүүдө.

Павильондун «Турак жай жана граждандык курулуш» бөлүмүндө курулуштардын макеттери, сүрөттөрү, селолор менен шаарларды куруунун долбоорлору коюлган. Республикабыздын борборундагы «Батыш-1» микрорайонунун макети шаардын бул тарабын курууда керектүү болгон бак-даректарды жана инженердик курулуштарды сактап калуунун долбоорунун мүнөздөмөсү катары

коюлган. Анда бештен тогуз кабатка чейинки үйлөр курулуп, өзүнчө түз кварталдарды пайда кылат, ошондой эле спорт жана чарбалык аянтчалары, эс ала турган жерлер курулат. Үйлөрдүн биринчи этаждары маданий жана турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү жайларга ылайыкталат. Курулуштарда үйлөрдүн жарык жана кооз болушуна көңүл бурулган.

Ошондой эле павильондо «Селолук курулуш» жана «Өнөр жай курулуш материалдары» бөлүмүнүн экспозициялары коюлган.

Айыл чарбасы. Совет өкмөтүнүн жылдарында Кыргызстандын айыл чарбасы түп-тамырынан бери өзгөрдү. Жер-суу реформасын, айыл кыштактарда коллективдештирүүнү ишке ашыруунун негизинде адамды адам эзүүчү таптар биротоло жоюлду. Мурунку сай-сайлап мал менен көчүп жүргөн кыргыз элин отурукташтыруу проблемалары ийгиликтүү чечилди. Өткөн 60 жылдын ичинде дыйкандардын оор турмушун түп-тамырынан өзгөртүү биздин мамлекеттик жана коммунисттик партиянын бирден бир жетишкендиги болуп эсептелет.

Республиканын айыл чарбасы тогузунчу гана беш жылдыктын жылдарында 15 миң тракторлорду, көптөгөн комбайндарды, автомашиналарды жана башка техникаларды алышкан. Эми ар бир чарбага орто эсеп менен 79 трактор, ар кандай ишке ылайыкталган 22 комбайн, 40 жүк ташуучу автомашина жана 270 дагы башка айыл чарба техникалары туура келет.

Айыл чарба тармагынын кубаттуулугу өстү жана андагы эмгекчилердин энергия менен жабдылышы 12 аттын күчүнө жетти. Азыркы кезде электр энергиясы механизацияланган кырмандарда, уй саачу аппараттарда, жүк жыюучу транспортерлордо колдонулат. Азыркы кезде негизинен колхоздор менен совхоздордо дан эгиндерин,

жүгөрүнү жыюу жана тоют даярдоо жумуштарын механизациялоону комплекстештирүү жүргүзүлгөн. Кант кызылчасын жана пахтаны жыюу жумуштарын механизациялоонун деңгээли өстү. Техникалык өсүмдүктөрдүн жана жүгөрүнүн катар аралыктарын иштетүү, эгин тазалоо, жүк жүктөө жана түшүрүү жумуштары, минералдык, жерсемирткичтерди чачуу жана башка өндүрүштүн эмгек процесстерин механизациялоо толук аяктоонун алдында.

Социалисттик мамлекет селолук эмгекчилердин турмушун жакшыртуу боюнча чоң камкордук көрүүдө. Мисалы алыскы кышкы жайыттарга маданий борборлор курулган. Кашарлардын жанына чабандар үчүн стандарттуу үйлөр курулган. Газды пайдалануу кадыресе жакшы болуп калды. Кой фермаларында жана чабандардын турмушунда электр энергиясын пайдалануу жыл сайын өсүүдө.

Малчыларды, айрыкча алыскы жайыттардагы малчыларды маданий-турмуш жактан тейлөө жакшырып бара жатат. Маданий борборлордо радиостанция, клуб, китепкана, медпункт, почта бөлүмү, магазин, ашкана, мейманкана, мончо курулган. Негизинен бардык чабандардын радиоприемниктери бар, ал эми алардын бир кыйла бөлүгү телевизордон пайдаланышат.

Көргөзмөнүн стендаларында алдыңкы колхоздор менен совхоздор, өндүрүштүн алдыңкылары да жазылып коюлган.

«Айыл чарба илимий бөлүмүнүн экспонаттары дыйканчылык, мал чарба жана ветеринария, жер кыртыш илим изилдөө институттарынын илимий иштерин далилдеп турат.

«Дыйканчылык» павильону. Кыргызстандын айыл чарбасынын негизги сугат аянттары, ал жалпы талаачылыктан өндүрүлүп алынуучу продукциялардын 90 процентин түзөт. Ар бир гектар сугат аянттары, кайрак аянт-

тарга караганда үч төрт эсе арбын продукция берет. Кийинки кырк жылдын ичинде сугат аянттары бир кыйла өсүп бир миллионго жакын гектарын ээлөөдө. Совет өкмөтүнүн жылдарында узундугу 30 миң километр келген сугат системалары курулган.

Мелиорация, комплекстүү агротехникалык иштерди иш жүзүнө ашыруу чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн бир кыйла көтөрүүгө түртку берди. Эгерде отузунчу жылдары колхоздор менен совхоздордо ар гектар дан эгиндеринен орто эсеп менен 7,2 центнерден гана түшүм алышса, азыр ал 22,8 центнерге, пахта 12,7 центнерден 28,7 центнерге жетти. 1976-жылы пахта өндүрүү революцияга чейинки мезгилдерге караганда жети эсеге өскөн.

Эгерде сегизинчи беш жылдыкта республикада өндүрүлүп алынган дан эгиндери 4762 миң тоннаны түзсө, тогузунчу беш жылдыкта 5434 миң тоннага жеткен. Колхоздор менен совхоздор сегизинчи беш жылдыкка салыштырганда, тогузунчу беш жылдыкта 172 миң тонна дан эгиндерин арбын беришкен. 1975-жылы 31 чарба орто эсеп менен ар гектардан 40, сегиз чарба 50 центнерден түшүм алышкан.

Көргөзмөнүн экспозицияларында, Кыргызстандын окумуштуулары тарабынан чыгарылган дан эгиндеринин үлгүсү коюлган.

Павильондун «Тоют базасы» бөлүмү. Тоют базасын өстүрүү — республикабыздын айыл чарба эмгекчилеринин алдына коюлган онунчу беш жылдыктын пландарын аткаруунун негизги шарты. Азыр республикада 624 тоют цехи курулуп, анда эки жарым миң кесек тоют түүроочу, эки миңге жакын тоют майдалоочу техникалар жана башка көптөгөн жабдуулар иштөөдө. Бул болсо балансалаштырылган жана сиңимдүүлүгү жогору болгон тоюттарды даярдоого мүмкүндүк түзөт.

Республикадагы жалпы тоют базасынын 80 процентин табигый жайыттар менен чабындылардын тоюту түзөт. Тогузунчу беш жылдыкта жайыттарды жакшыртууга 16,4 миллион сом мамлекеттик жана 4,5 миллион сом колхоздордун акчалай каражаттары жумшалган.

Онунчу беш жылдыкта ар бир гектар сугат аянттарынан — 50—70, кайрак аянттардан — 30—40 центнерден тоют бирдигин алуу милдети коюлган. Республикабыздын окумуштуулары жайыттарды жакшыртууга өзгөчө көңүл бөлүүдө. Биология институту тоолу жайыттарды геоботаникалык жактан изилдөө иштерин жүргүзүүдө. Кыргызстандын жер кыртыш институту Түндүк Кыргызстандын жер аянттарын ирээттүү иштетүүнү ишке ашырды жана жазгы-күзгү жайыттарды минералдык жер семирткичтерди чачуу жана чөп сээп өстүрүү жолу менен жакшыртуунун чаралары иштелип чыгылган. Ошондой эле ар кандай шарттардагы тоолуу зоналарда чөптөрдү өстүрүүнүн жогорку пайдалуулугу илимий жактан аныкталган.

Бөлүмдүн экспозицияларында сенажды, чөп унун жана башка тоюттун түрлөрүн кайра даярдоонун алдыңкы тажрыйбаларын көрсөтүүгө бир катар орундар берилген. Бул бөлүмгө келгендер, ошондой эле тоютту башка жолдор менен иштетүү, сактоо жана даярдоонун жолдору жазылган айыл чарба адабияттары менен таанышышат.

Келген меймандар «Техникалык өсүмдүктөр» бөлүмүнөн кызылчачылардын, пахтачылардын жана тамекичилердин колунан жаралган продукциялар менен таанышышат.

Кыргызстан — Орто Азияда кант кызылчасын өстүрүүчү жалгыз республика. Калктын ар бир кишисине кант кызылчасын өндүрүү боюнча, Франция, Италия, Германия федеративдүү республикасы сыяктуу бир катар капиталисттик өлкөлөрдөн озуп турат.

Республикада кант кызылчасынан жогорку түшүм өстүрүп алууда көптөгөн мыкты мастерлер өсүп чыкты. Ленин жана Эмгек Кызыл Туу ордендеринин кавалери, Кыргыз ССРинин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Сокулук районундагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы үрөнчүлүк чарбасынын кызылчачысы В. И. Ивченконун ийгилиги жыл сайын кайталанууда. Юбилейлик жылда анын звеносу 180 гектар кызылчанын ар гектарынан 710 центнерден кызылча алууга милдеттенген. Сокулук районундагы «Жаңы Жер» совхозунун кызылчачысы И. Павликтин, «Дружба» колхозунун кызылчачысы А. А. Анасенконун жана Т. Дегембаеванын звенолору мыкты түшүм өстүрүү менен ар гектардан 600 центнерден түшүм алууну милдеттенишкен.

1975-жылы 23 чарба 400 центнерден ашык, ал эми 33 звено 500 центнерден, андан ашык түшүм алышкан.

Азыр республиканын бардык райондорунда, Кыргызстан дыйканчылык илимий-өндүрүш бирикмесинин селекционерлери тарабынан чыгарылган кызылчанын жогорку түшүмдүү «Кыргыздын жарымгибрид — 18» сорту райондоштурулган. Бул сорт жети жылдан бери Калинин районундагы сортучасткада байкалып, ал кызылчанын канттуулугу 19 процентке жетүү менен орто эсеп менен гектарынан 487 центнерден түшүм алынган; ал эми Сокулук районунун сортучасткасында канттуулугу 16,7 процентти, түшүмү 592 центнерди түзгөн.

Азыркы күндөрдө дыйканчылык боюнча илимий-өндүрүштүк бирикме жер кыртыш институту жана Илимдер Академиясы менен бирдикте кант кызылчасынын илдеттерине каршы чараларды иштеп чыгуу максатында комплекстүү илимий иштерди жүргүзүүдө. Селекционерлер илдеттерге жана зыянкечтерге чыдамдуу келген кызылчанын жаңы сортторун чыгаруунун үстүндө эмгектенүүдө.

Республиканын пахтачылары мамлекетке ар жылы 200 тонна пахта сатышат. Тогузунчу беш жылдыкта пахта сатуу сегизинчи беш жылдыкка караганда орто эсеп менен 31,9 миң тоннаны түзгөн. Ошол убактын ичинде пахтанын түшүмдүүлүгү 23,5 центнерден 27,6 центнерге чейин өскөн. Тогузунчу беш жылдыктын планына караганда Родина 120 миң тонна «ак алтын» ашык алды. Эреже катары пахта негизинен биринчи гана сорттордо өткөрүлүүдө.

Сузак районундагы «Коммунизм» колхозунун ар бир талаа бригадаларынан «Пахта өлкөбүзгө дан, металл сыяктуу эле керек» деген ураандарды көрүүгө болот. Сегизинчи беш жылдыкта эле, бул колхоз ар гектар аянттан 30 центнерден пахта алышкан. Чарбада алдыңкы технологияны жайылтуу, сорт алмаштырып туруу, механизациялаштыруунун деңгээлин жогорулатуу, химиялаштыруу, эмгекти уюштурууну жакшыртуу 1970-жылы пахтанын түшүмүн гектарынан 31,3 центнерге жогорулатууга мүмкүнчүлүк түздү.

КПССтин XXV съездинин чечимдерин турмушка ашыруу боюнча социалисттик мелдешке кошулушкан колхоздун эмгекчилери ар гектар пахта аянтынан 40 центнерден түшүм алууну чечишкен. 1976-жылдын жаз жана жай айлары ысыкчылык жана катаал болгонуна карабастан, алар ар гектар пахта аянтынан 43,3 центнерден түшүм алып, анын 90 процентин биринчи сортто өткөрүшкөн. Колхоз жалаң гана пахтадан 3,2 миллион сом алган, анын ичинен 1580 сому таза киреше.

Тогузунчу беш жылдыкта республиканын тамеки өстүрүүчүлөрү да жакшы жетишкендиктерге жетишкен. Мамлекетке пландагы 126 миң тоннанын ордуна 143 миң тонна жыттуу жалбыректарды сатышкан. Республикабыз-

да тамеки өстүрүү жогорку кирешелүү тармакка айлануу менен өлкөдө ири тамеки берүүчү жайга айланды.

Павильондун «Жемиш багы жана жүзүмчүлүк» бөлүмүндөгү стендаларында коюлган алманын, алмуруттун, жүзүмдүн, өрүктүн тунук болуп көрүнүшү көңүлдү кызыктырат.

1977-жылы июль айында Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Пленумунда, айыл чарба өндүрүшүн мындан ары адистештирүү жана концентрациялоону чарбалар аралык топтоштуруу жана агроөнөр жайы боюнча интеграциялоонун базасында өстүрүү маселеси каралган. Мында мисал катары агроөнөр жай ишканаларынын негизинде өнүгүп жаткан Аламүдүндөгү «Ала-Тоо» винсовхоз комбинаты аталган. Бул комбинат өзү өндүргөн сырьёну гана кайра иштетпестен, Аламүдүн, Кант жана Сокулук районунун чарбаларынын да жемиш сырьёлорун иштетүүдө. Жакынкы эки-үч жылдын ичинде комбинат жалаң гана соктон жылына алты миллион банканы даярдамакчы. Кайра иштетүүгө жүзүмдүн техникалык гана сорттору, жемиштердин стандартка жарабаганы пайдаланылат. Ал эми алманын, алмуруттун жана жүзүмдүн тандалган сорттору республиканын борборундагы магазиндерге жөнөтүлөт жана кышка сакталат.

«Токой чарбачылыгы» бөлүмүнүн экспозициясы республикада болгон токойлорду сактоо, кеңейтүү жана жаңыдан өстүрүү жөнүндө айгинелеп турат. Кыргыз ССРиндеги мамлекеттик токой фондусунун жалпы аянты 2,6 миллион гектарды түзөт. Биздин токойлор эл чарбасына керектүү болгон жыгачтардын жана бадалдардын 120 түрү бар.

Республикада 1948-жылдан 1977-жылга чейин 128 миң гектар жерге токойлор тигилген; алардын ичинен сосна карагайы, сибирдин тикендүү карагайы, Тянь-Шань кара-

гайы, грек жаңгагы, ар кандай карагат жемиштери жана башка токойлордун түрлөрү бар.

Республиканын түштүгүндөгү жаңгак жемишин берүүчү токойлор өзгөчө сейрек учуроочу уникалдуу — ал биздин гана өлкө эмес, чет өлкөлөргө да таанымал. Түшүмү жакшы болгон жылдарда бул жерден 2,5 миң тонна грек жаңгагы, жүз тоннага чейин жер жаңгак, беш миң тоннага жакын алма жана алча даярдалат. Грек жаңгагынын жыгачтары, айрыкча анын өзөгү жыгач буюмдарын жасоодо жогору бааланат.

Мал чарбачылыгы. Кыргызстанда бир катар асыл тукум заводдору түзүлгөн: ал заводдор, совхоздор, фермалар мамлекеттик асыл тукум станциялары. Алар ар жылы колхоздор менен совхоздорго он миңдеген элита жана биринчи класстагы кочкорлорду, уяң жүндү токтуларды, асыл тукум букачарларды, ургаачы торпокторду жана айгырларды сатышат.

Кыргызстан мал чарба илимий өндүрүштүк бирикмеси алдыңкы тажрыйбаны колдонуу менен жогорку продукталуу жергиликтүү шарттарга жакшы көнүккөн уйлардын алатоо жана аулиета тукумун, жаңы кыргыз тукумундагы жылкысын, кыргыздын уяң жүндүү жана Тянь-Шандык жарым уяң жүндүү тукумдагы койлорун чыгарышты. Өлкөдө биринчи жолу бийик тоолу татаал шарттарда килем жасоого ылайыкталган сейрек учуроочу куйруктуу алай группасындагы койлор өстүрүп чыгарылган.

Республикада асыл тукум малдардын тукумун өстүрүүдө «Жоон-Төбө» асыл тукум заводу, Тянь-Шандагы тажрыйба станциясы, Ильич жана Стрельникова атындагы асыл тукум заводу, № 54 жылкы заводу жана башкалар иштөөдө.

Кыргызстандын айыл чарбасында кой чарбасынын мааниси чоң: ал айыл чарба продукциясын сатып алы-

нуучу жалпы доходдун 34 процентин берет жана мал чарбасынан түшүүчү доходдун 60 процентин түзүү менен айыл чарбасынын кирешелүү тармагы болуп эсептелет.

Кыргызстан кой этин, жүндү өндүрүү жана койдун саны боюнча союздук республикалардын ичинде үчүнчү орунда — РСФСР жана Казакстандан кийин турат. Кийинки он жылдыктын ичинде чарбалардын бардык категориялары боюнча кой эки миллионго өсүп жалпы саны он миллионго жетти. Кой чарбасын материалдык-техникалык жактан чыңдоо боюнча да чоң иштер жүргүзүлгөн. Беш миллион койго стандарттуу короолор курулган. Азыр тубар койлор менен токту-боруктар негизинен короо-сарайлар менен толук камсыз болгон. Калган малдар короо сарайлар менен 82 процентке, ал эми Түп, Ак-Суу, Тоң, Киров жана Жаңы-Жол райондорунда толук камсыз болгон.

Республиканын чабандары тогузунчу беш жылдыктын акыркы жылында ар жүз тубар койдон 98 ден козу алышып, ар койдон 3,24 килограммдан жүн кыркып алууга жетишишкен. Социалисттик Эмгектин Баатырлары Базылбек Айтбаев, Касыбек Жунушев, Искендер Осмонкулов, Кайыр Мукашева, Таштанбек Акматов ар жүз тубар койдон 150—170 тен козу алып, ар койдон беш килограммдан жүн кыркып алышты.

Азыр республикада ири чарба аралык өнөр жай тибиндеги ишканалар иштөөдө, алардын ар биринде 15—20 миңден кой кармалууда. Тоют фабрикасы, кеңири жайыт участкалары болгон, тоют берүү жана короо-сарайларды тазалоо жумуштары механизациялаштырылган мындай комплекстерде ондогон гана чабан-операторлор иштешет. Мында малдарды өстүрүү жана семиртүү ылдамдаштырылган түрдө жүргүзүлөт жана эт менен жүн өндүрүүгө каражаттар бир жарым-эки эсе аз жумшалат.

Биринчилерден болуп малдарды Калининдеги жана

Түптөгү чарба аралык мал семиртүүчү ишканалар кабыл алды, ал эми республика боюнча ошондой болгон жыйырма ишкана иштеп жатат. Жакынкы жылдарда өнөр жайдын негизинде багып семиртүүгө жүз миңдеген койлор жана торпоктордун баары которулат. Суусамыр өрөөнүндө койлорду өнөр жай тибинде кармоого өтүү жөнүндө чечим кабыл алышты. Мында койлор өстүрүлүп, семиртилип жана анын эт продукциясы ал жерден иштетилип сатууга жөнөтүлмөкчү.

Кийинки жылдарда 400—600—800 жана андан ашык уй кармала турган 60 комплекс, 80 ден ашык бодо малдарды семиртүүчү чарба аралык мал семиртүүчү комплекстер пайдаланууга берилген. Сиздер «Уй чарбачылыгы» бөлүмүнөн саанчылардын жетишкендиктери менен таанышасыздар. Тогузунчу беш жылдыкта ар бир уйдан сүт саап алуу 228 килограммга өстү, ал эми Нарын областынын чарбаларында — 420, Сокулук районунда 531 килограммга көбөйгөн. 1975-жылы мал чарба илимий-өндүрүштүк бирикмесинин Сокулуктагы тажрыйба чарбасы, Талас жана Аламүдүн райондорунун бир катар чарбалары орто эсеп менен ар бир саан уйдан 3500—4700 килограммдан сүт саап алышкан.

Жылкы чарбасы. Кыргызстандын чарбачылыгында жылкылардын мааниси али чоң. Ал жүк гана ташыбастан продукция да берет. Жылкынын этинен эң эле даамдуу улуттук тамактар даярдалат. Мисалы жылкынын кымызын алууга болот. Чарбанын бул тармагын өстүрүүчү алдыңкы чарба № 54 жылкы заводу.

«Өнөр жай негизинде өстүрүлүүчү канаттуулар чарбасы» павильону. Бул павильон азыркы кездеги канаттуулар фабрикасынын ишин көрсөтөт — мында канаттууларды өнөр жайынын негизинде өстүрүүнүн технологиялык жолдорун айкындап турат. Республикада чарбаны

адистештирүү жана топтоштуруунун негизинде өстүрүүнүн бир кыйла жогорку деңгээли чарбанын ушул тармагында уюштурулууда. Эгерде мындан он жыл мурун канаттуулардын этин жана жумуртка өндүрүп жаткан 118 колхоз менен совхоз жылына 43 миллион жумуртка жана 1160 тонна куш этин өндүрсө, эми жети гана канаттуулар фабрикасы 171 миллион жумуртка 4342 тонна куш этин өндүрүшөт. Жумурткanын өздүк наркы бир жарым эсеге төмөндөп, каражаттар беш эсе кыскарды, ошол эле убакта ар бир тооктун жумурткалашы эки эседен ашык өскөн.

«Аң терилери» павильону. Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстанда мал чарбасынын жаңы тармагы — баалуу аң терилерин берүүчү айбанаттар өстүрүлө баштады. Фрунзедеги жана Пржевальскидеги айбанаттар фермасында көгүлтүр, каракүрөң жана кызгылт калтарлар, норкалар өстүрүлүүдө. Кийинки жылдарда андай айбанаттарды клеткада өстүрүүнүн негизинде баалуу аң-терилерин өндүрүү бир кыйла көбөйдү.

«Аарычылык» павильону. Аарычылык чарбасынын маанiси анын балы жана мому менен гана чектелбейт. Аарынын бак-даракtарды, бакчаларды жана башка айыл чарба өсүмдүктөрүн чаңдаштыруусунан алардын түшүмдүүлүгү 40—60 процентке жогорулайт. Азыр республикада 100 миң аары челеги бар.

«Мелиорация жана суу чарба» павильону. Кыргызстан сугат аянттары боюнча Советтер Союзунда бешинчи жана Орто Азияда үчүнчү орунда турат. Жерди мелиорация иши 1934-жылы, Чүй суусундагы Чумыш плотинасынын курулушу аяктап, Ат-Башы жана Георгиевка каналдары бүткөндө башталат. Андан кийин суу агып өтүүчү эки айрыгы болгон Чоң Чүй каналы курулат. Орто Токой суу сактагычы пайда болду. Бул суу системалары менен Чүй өрөөнүнүн жер аянттары сугарылат.

Киров суу сактагычы Талас өрөөнүн сугарууну бир кыйла жакшыртат. Республиканын түштүгүндө Папан суу сактагычы курулууда. Анын плотинасы бир нече гана секундда тосулат да, жарылуу энергиясы миллион кубометр грунтту плотинага алып келет. Бул суу сактагычты ишке киргизүү бир нече миң гектар жер аянтын сугарууга мүмкүндүк түзүп, Араван, Кара-Суу жана Өзбекстандын жеринен 15 миң гектар аянтты сугарууга алып келет.

Ал эми окумуштуулар бир кыйла келечекке көз жүгүртүүдө. Алар бир катар түндүктүн жана Сибирдин суу-ларын Орто Азияга, Казакстанга жана Волга суу бассейнине алып келүүнүн долбоорун иштеп жатышат. Объ менен Енисей дарыялары биз жакка Волга дарыясындагыдай өлчөмдө сууну жибермекчи.

Республикада жылдан жылга сугат тармактары кеңейүүдө. Бетон каналдары түзүлүү менен суу системалары автоматтар менен башкарылууда. Талааларда жогору өндүрүмдүү болгон «Фрегат» өндүү сугаруучу машиналар иштеп жатат, алар бир гана тарап боюнча 70 гектар аянтты сугарат. Сугарууда ийилгич шлангалар менен пластмасса трубалары кеңири пайдаланылууда.

«Айыл чарбасын механизациялоо жана электрлештирүү» павильону. Павильондо айыл чарба жумуштарында эмгекти жеңилдетүүчү техникалар бар. Бул жерде кой кыркуучу, купкага салуучу техникалардын жана малды сугаруучу агрегаттардын жабдуулары, тоютту даярдоочу жана малга берүүчү агрегаттар, пахтанын катар аралыктарын иштетүүчү жана жыйноочу машиналар — сеялкалар, культиваторлор, комбайндар коюлган.

Мындагы тоолу шарттарда тоют даярдоого ылайыкталган машиналар — трактор, косилка, тырмоо, чөп таңгактоочу машиналар айыл чарба адистерин кызыктырбай койбойт.

«Гидрометеорологиялык жактан тейлөө» павильону. Айыл чарба эмгекчилерин келечекте аба ырайындагы өзгөрүштөр кандай боло тургандыгы менен алдын ала тааныштырып турган метеорологдордун, гидрологдордун, аэрологдордун иштери жөнүндө көптөгөн стендалар менен экспонаттар айтып турат. Атайын даярдалган карта көрүүчүлөрдү Кыргызстандын негизги климаттык өзгөчөлүктөрү менен тааныштырат. Ал болсо айыл чарба эмгекчилеринин айыл чарба жумуштарын белгилүү мөөнөттө туура жүргүзүүлөрүнө иш жүзүндө көргөзмөлөрдү берет. Экспозициянын негизги бир бөлүгү. алыскы жайыттардагы мал чарбачылыгын гидрометеорологиялык жактан камсыз кылууга арналган. Алыскы жерлердеги метеорологиялык станциялар аба ырайынын өзгөрүштөрүнө сутка бою көзөмөл жүргүзүп турушат.

Мына ошентип Кыргыз ССРинин эл чарбасынын жетишкендиктеринин Көргөзмөсү менен тааныштыруу аяктады. Ой жүгүртөлү? Каалоолор китепчесин карап көрөлүчү. «Кыргызстандын эл чарба көргөзмөсүн көрүп кеткен Латын Америкасынын жана Португалиянын делегациялары республиканын айыл чарбасы менен өнөр жайынын жетишип жаткан ийгиликтерине өздөрүнүн кубанычтуу каалоолорун билгизип, коммунисттик коомду курууда чечкиндүүлүк менен иштеп жаткандыктары жөнүндө айтып кеткен». Ал эми Японияның делегациясы «Биз көргөзмөнү көрүү менен Кыргыз республикасынын эң жогорку жетишкендиктерге жетишип жаткандыгына ишендик» деп жазып кеткен.

«Кыргыз ССРинин эл чарбасынын жетишкендигинин көргөзмөсү» таң калтырууну туудурат. Мунун өзү республиканын жетишкендиктери жөнүндө гана эмес, биздин коомдун жеңиши жана системабыздын кең келечеги жөнүндө далил болот. Варшавадагы билим коомунун орун

басары Анжей Айненлель өз родинасы Польшага кайтып бара жатып, мен өзүм менен кошо Кыргызстандын кооз көрүнүшүн, азыркы техникасы, эски маданиятын жаңы маданият менен алмашып жаткандыгы жөнүндө жакшы элестерди алып кетип бара жатам» деп жазат.

Румыниянын делегациясы «Көргөзмө Совет бийлигинин тушундагы кыргыз элинин колдору менен жаралган эң сонун байлыктарды чагылдырат. КПССтин белгилеген көрсөтмөлөрүнө ылайыктуу эл чарба пландарын аткаруунун негизинде сиздердин элге чоң жетишкендиктерди жана келечекте дагы гүлдөй берүүлөрүн каалайбыз» деп жазган. Буга окшогон жазуулар өтө эле көп. Аларды кайталап айтуунун кажети жок, анткени алардын жылуу ой-пикирлери жана каалоолору өзүнөн өзү белгилүү.

Чындыгында эле, бүгүнкү Кыргызстан — бул коммунизмдин материалдык-техникалык базасын курууда өзүнүн зор салымын кошуп жаткан экономикасы жана маданияты өнүгүп өскөн республика.

1977 год—год шестидесятилетия Великой Октябрьской социалистической революции—ознаменовался выдающимся событием — принятием новой Конституции СССР, которая явилась своеобразным итогом свершениям Коммунистической партии, советского народа в области политики, экономики, науки, техники, культуры и национально-государственного строительства. Конституция СССР — это яркий триумф идей Великого Октября. Она закрепила исторически тот неоспоримый факт, что в нашей стране впервые на земле построено развитое социалистическое общество, что наш народ успешно идет к коммунизму.

«Незабываемые октябрьские дни,— сказал в докладе о 60-летии Великой Октябрьской социалистической революции Леонид Ильич Брежнев,— всколыхнули всю планету. Началась новая историческая эпоха — эпоха революционного обновления мира, эпоха перехода к социализму, к коммунизму. Начался путь, по которому сегодня идут сотни миллионов людей и по которому суждено пойти всему человечеству».

За шесть десятилетий наша страна прошла путь, равный столетиям. Путь этот был нелегким, однако никогда в истории не было такого коренного обновления жизни всего общества, чем то, что было осуществлено за эти годы.

«Оглядываясь на пройденный путь,— говорил первый секретарь ЦК КП Киргизии товарищ Т. У. Усубалиев в докладе на совместном торжественном заседании ЦК Компартии Киргизии и Верховного Совета Киргизской ССР, посвященном 60-летию Великой Октябрьской социалистической революции,— мы с гордостью отмечаем, как неузнаваемо преобразился Советский Киргизстан, ставший ныне краем высокоразвитой экономики и культуры. Экономика Киргизстана, как и других братских республик,— это теперь неотъемлемая часть единого всесоюзного народнохозяйственного комплекса, являющегося основой процветания каждой республики».

Национальный доход в республике только за последние десять лет возрос почти в два раза и достиг трех с лишним миллиардов рублей. Реальные доходы трудящихся увеличились более чем в полтора раза, товарооборот — в два с лишним раза. За это время 1130 тысяч киргизстанцев стали новоселами. В народном хозяйстве Киргизстана сейчас работает свыше 225 тысяч специалистов с высшим и средним образованием. Бурно расцвела культура киргизского народа...

Эти успехи — результат вдохновенного, творческого труда народа, плоды братской поддержки и дружеской взаимопомощи всех советских народов, результат тесного единения Коммунистической партии и трудящихся масс. Выставка достижений народного хозяйства Киргизской ССР — наглядное тому подтверждение.

